кырг Д
К 13

Ысмайыл КАДЫРОВ

# ТАМГА САНДЫК, СӨЗ КУРЖУН



УДБК 373
ББК 74.102
К13

**Кадыров Ы.**
К1 Тамга сандык, сөз куржун. Б.: «Бийиктик плюс», 2014, 104 б.

ISBN 978-9967-33-000-9

Ы.Кадыровдун бул китеби бала бакчалардын балдарына арналган. Балдар тамганы ошол үйрөнүүчү тамга менен башталган ырлардын жардамы менен тез үйрөнө алышат. Андан ары сөз оюндардын жардамы менен шар окуганга үйрөнүп кетишине өбөлгө түзүлөт. Китеп тарбиячылар үчүн керектүү окуу куралы болуп бере алат деген ойдобуз.

Китепти башталгыч класстардын окуучулары жана мугалимдери да пайдаланса болот.

УДБК 373
ББК 74.102

К 4305000000-14

ISBN 978-9967-33-000-9

© Кадыров Ы. 2014

# БАШ СӨЗ

Бул китеп бала бакчанын даярдоо тайпасынын балдарына, деги эле мектептин биринчи классына барууга даярданып жүргөн жеткинчектерге арналып жазылды. Китептин негизги максаты – балдарга тамгаларды үйрөтүү жана тамгалардан кураштырып сөз жасаганды, андан ары окуганга үйрөтүү, балдардын сөзүн өстүрүү жана сөз байлыгын арттыруу, эне тилдин сөз байлыгы менен тааныштыруу, адептүүлүккө тарбиялоо менен туура жүрүм-турум эрежелерине көнүктүрүү, сөз оюндарынын, жомоктордун ж.б. көркөм сөз каражаттарынын жардамы менен окууга кызыктыруу, баамчылдыкка, тапкычтыкка тарбиялоо, ошондой эле жаратылышка этият мамиле жасоого багыттоо.

Балдардын сөздөрдү туура айтышы, ырларды, сөз оюн, табышмак, жаңылмачтарды жатка билиши, жомокторду уга билип жана анын маанисин кайта айтып берүүлөрү балдардын сөзүн өстүрөт жана ой жүгүртө билүүгө көнүктүрөт. Сөз оюндар, табышмактар алардын тез ойлоп, сөз табууларына көмөк берет, кызыгууларын арттырат. Сүрөттөр, жомоктор балдардын ойлой билүүсүн өстүрүү менен ак ниет болууга, тартиптүүлүккө, чынчылдыкка, жолдошчулукка, гумандуулукка тарбиялайт.

Балдардын айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүүлөрү, эне тилдеги сөздөрдү, жалпы эле эл аралык сөздөрдү көп билүүлөрү алардын ой өрүштөрүн өнүктүрөт, акыл-эстерин

өстүрөт, дүйнөнү таанып-билүүсүн кеңейтет. Өз алдыларынча ой жүгүртүп, ойлорун айта билүүгө, сөздөрдү туура жана так айта билүүгө көнүктүрөт.

Балдар тамгаларды тааныганды жана окуганды, ырларды жаттаганды жана жомокторду окуганды бакчада тарбиячынын, педагогдун, ал эми үйдө ата-энелеринин, ага-эжелеринин жардамы менен өздөштүрүшөт.

Урматтуу тарбиячылар, педагогдор жана ата-энелер балдардын өнүп-өскөн, тарбия-таалим берген чөйрөсү канчалык кеңири, бай жана кызыктуу болсо, алардын келечекте билимдүү, тарбиялуу адам болуп өсүштөрүнө ошончолук кеңири жол ачылат. Ошондуктан, балдардын келечеги силердин колуңарда.

Силерге ак жол!

***Автор***



Бул менин үйүм



Чоң атам



Чоң энем





Таенем













Атам



Апам



Мен




Бул менин бала бакчам



Тарбиячым



Балдар


Үй
Бала бакча

Бул түз сызык

Бул тик сызык



Бул жантык сызык




же



Бул тегерек




Бул сүйрү тегерек




Бул тик бурчтук



Бул чарчы



Бул үч бурчтук




# ТАМГАЛАРДЫ ҮЙРӨН

| | | |
|---|---|---|
| А а | *Айтылышы*<br>**а** | Ариптердин башына,<br>"А" тамга келет ар дайым.<br>"А" десең аста оозду ачып,<br>Аракеттенет таңдайың. |

*"А" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Аба, аары, арча, адам, алма, алма, ак, Абдылда



Аалам, Асман, Ай, Аба,
"А" тамгадан башталат.
Алиппе арип үйрөтүп,
Арбын милдет аткарат.

? "А" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Б б | *Айтылышы*<br>**бэ** | Бириктирип кайра ачсаң,<br>Бөйтөйгөн жумшак эриниң.<br>"Бэ" деген назик үн чыгат,<br>Билбесин эми мени ким. |

*"Б" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Багбан, бадырак, базар, байке, бака, бала, булак, Болот



Бешик, Билим, Босого,
Бул жашоонун башаты.
"Б" тамгадан башталат,
Бала деген сөз дагы.

? "Б" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| **В в** | *Айтылышы*<br>**вэ** | Эми мага келди кезек,<br>Мени болсо “В” дешет.<br>Эринге тишти тийгизип,<br>Үн чыгарсаң эле жетет. |

*“В” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Ванна, витамин, волейбол, вагон, вазелин, вальс, Виктор



Велосипед деген унаа,
Вертолёт да кирет буга.
Вагондор поездге чиркелет,
Ваза деп аталат гүл челек.

? “В” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| **Г г** | *Айтылышы*<br>**гэ** | “Г” дейт менин атымды,<br>Сыйпалаба башыңды. |

*“Г” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Газ, гүл, гараж, генерал, геолог, гимн, гитара, Гапар



Гүлдөй жайнап өсөсүң,
Гимнастика жасасаң.
Жаңылбайсың гектарды,
“Га” деп кыска атасаң.

? “Г” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Д д | *Айтылышы* **дэ** | Тилди тишке тийгизип,<br>Мени айтат "Д" деп.<br>Үйрөнгөнгө оңоймун,<br>Эми баары билет. |

*"Д" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Дары, даки, данек, дарбаза, дарбыз, дос, дүкөн, Дамира




Далай сөздү билесиң,
Дилгир болсоң баарына.
"Д" тамга менен башталган,
Даяр сөз көп дагы да.

**?** "Д" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Е е | *Айтылышы* **йе** | Балдар көп мени биле элек,<br>Мени айтышат "Е" деп. |

*"Е" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Европа, Египет, Екатерина



Европа – дүйнө бөлүгү,
Евроазия – материк.
Египет – мамлекет,
Ефрейтор – аскердик чин.

**?** "Е" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ё ё | *Айтылышы*<br>**йо** | Кош чекит кой үстүнө,<br>“Е” деген тамганын.<br>Бир аз гана кыймылдайт,<br>Тилиң менен таңдайың. |

*“Ё” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Вертолёт, ёлка, боёк



“ё” менен башталган,
Сөз жок кыргыз тилинде.
Ёлка дейт эмнени,
Кайсыл тилдин биринде?

**?** “ё” катышкан сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ж ж | *Айтылышы*<br>**жэ** | Мен болсо “Ж”мын,<br>Мени жазыш кыйын. |

*“Ж” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Жакшы, жаман, жаан, жоолук, жумуртка, Жаныбек



Европа – дүйнө бөлүгү,
Евроазия – материк.
Египет – мамлекет,
Ефрейтор – аскердик чин.

**?** “Ж” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| З з | *Айтылышы*<br>**зэ** | Мени болсо "З" дешет,<br>Үч деп кэзде мелдешет. |

*"З" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Зор, закым, залкар, заман, зергер, зоо, зыян, Зарлык



Зирек адам болосуң,
Зээндүү болсоң дээриңден.
Запкы көрбөй турмуштан,
Сый көрөсүң элиңден.

? "З" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| И и | *Айтылышы*<br>**и** | Мен болсо "И"мин,<br>Кандай жазыларымды билгин. |

*"И" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Из, ийне, ийик, илим, илбирс, илгери, ини, Искен



Ибарат – үлгү, өрнөк,
Идирек – жөндөм, зээн.
Иликтесең маанисин,
Ийин – уя, чээн.

? "И" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Й й | *Айтылышы*<br>**ий** | Мени болсо "Й" дейт,<br>Кыргыз тилинде бир дагы,<br>Сөз башына келбейт. |

***"Й" тамгасы менен башталган жана "й" катышкан кандай сөздөрдү билесиң?***

Йод, Йемен, Йог, тыйын, кайың, Байгазы




Йемен – Азиядагы мамлекет,
Йод – химиялык элемент.
Кыргыз тилинде бир да сөз жок,
"Й" менен баштап айталы десек.

**?** "Й" тамгасы катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| К к | *Айтылышы*<br>**ка** | "К" дейт менин атымды,<br>Көп катырба башыңды. |

***"К" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?***

Китеп, каалга, калем, карагат, комуз, кыш, Кенжебек



"К" тамгадан башталган.
Кыргызча сөз өтө көп.
Кино, китеп кызыктуу,
Көңүлүңдү көтөрөт.

**?** "К" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Л л | *Айтылышы* **эл** | Мен болсо “Л”мин,<br>Башкаларга теңмин. |

*“Л” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Лагерь, лакап, лимон, лупа, лыжа, Лейлек, Лазат




Литр – суюктуктун чени,
Лөк – нар төөнүн эркеги.
Лыпылда – тез-тез деген сөз,
Локуйган – өтө чоңдуктун өлчөмү.

? “Л” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| М м | *Айтылышы* **эм** | Менин атым “М”,<br>Көп ойлонбо сен. |

*“М” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Маасы, майрам, макал, мал, мектеп, мең, Марал



Мактап койсо бирөөлөр,
Манчыркабайм эч качан.
Мелдештерге катышам,
Максатымдан кайтпастан.

? “М” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Н н | *Айтылышы*<br>**эн** | Мени “Н” деп атагын,<br>Эч бир болбойт чатагым. |

*“Н” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Нан, назик, накта, намыс, нокто, нөл, нөшөр, Нурбек



Наристемин мен азыр,
Накыл сөздү көп угам.
Нарк-нускалуу адамдар,
Назар салса деп турам.

? “Н” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ң ң | *Айтылышы*<br>**ың** | Мен болсо “ң”мын,<br>Сөз башына келбес тыңмын. |

*“ң” тамгасы катышкан кандай сөздөрдү билесиң?*

Караңгы, жараңка, чуңкур, терең, сеңир, Коңурбай



Дарактын бир түрү – кайың.
“Ң-а-а” – наристенин ыйы,
Андан башка кыргызча,
“Ң”дан башталган сөз жок чыны.

? “ң” катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

мл 7/3
ОБЛАСТНАЯ ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА
Инв. № 257019

| | | |
|---|---|---|
| О о | *Айтылышы* **о** | Сүйрү тегерек жасагын,<br>Мени "О" деп атагын. |

*"О" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Оюн, ооз, обон, от, оймочу, окуучу, очок, Ош, Осмон



Окшош абдан коендой,
"О" тамгага нөл саны.
Ойлонуп көр жакшыларп,
Окшошторду сен дагы.

? "О" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ө ө | *Айтылышы* **ө** | Мен "Ө" деген тамгамын,<br>Өзүң сөзгө жалгагын. |

*"Ө" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Өгөө, өгүз, өжөр, өтүк, өпкө, өнөр, өркөч, Өмүрбек




Өнөрдү көп үйрөнсөң,
Өзүң өнүп-өсөсүң.
Өжөрлөнсөң ар ишти,
Өздөштүрүп кетесиң.

? "Ө" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| П п | *Айтылышы*<br>**пэ** | "П" тамгасы мен болом,<br>Пилдей болуп койкоём. |

*"П" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Пияз, пайдубал, палоо, парта, почта, пейил, Памирбек



Парыз болот мойнуңа,
Пайдалуу иш жасаган.
Пас болбойсуң эч качан,
Пикириңди түз айтсаң.

? "П" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Р р | *Айтылышы*<br>**эр** | Мен "Р" деген тамгамын,<br>Желектей кылып кармагын. |

*"Р" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Район, ремонт, радио, ребусреспублика, Райымбек



Радиодон уккамын,
Ракетанын учканын.
Рамис байкем окуган,
Романды угуп уктадым.

? "Р" менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| С с | *Айтылышы*<br>**эс** | Жарым сүйрү жасасаң,<br>Мен “С” деп аталам |

*“С” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Саат, сабиз, сагыз, сагызган, сөйкө, сурнай, сүт, Сагын



Сиңдиме да үйрөтүп,
Сонун сайма саямын.
“С”дан издеп сөздөрдү,
Секунд сайын табамын.

? “С” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Т т | *Айтылышы*<br>**тэ** | Мен “Т” деген тамгамын,<br>Кокус билбей калбагын. |

*“Т” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Тайыз, така, тамаша, тебетей, тентек, топ, Темирбек




Талыкпай издеп сөздөрдү,
Табышмак айтсаң табамын.
Татаал сөздү көп билем,
Таланты бар баламын.

? “Т” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| **У у** | *Айтылышы*<br>**у** | Алыска кеткен атагым,<br>Мени “У” деп атагын. |

*“У” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Уз, уста, узун, уй, улак, уук, уя, убакыт, Уланбек



Улуулар үйгө келгенде,
Утурлай басып атын ал.
Уул мыктысы дедиртип,
Устатыңдын наркын ал.

**?** “У” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| **Ү ү** | *Айтылышы*<br>**ү** | Мен “Ү” деген тамгамын,<br>Үлпүлдөп турам ар дайым. |

*“Ү” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Үзөңгү, үзүк, үй, үкү, үн, үбөлүк, үйүр, Үрмарал, Үмүт



Үйрөнүп көп өнөрдү,
Үлгүлүү бала боломун.
Үтүрөңдөп урушуп,
Үшкүргөндү коёмун.

**?** “Ү” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ф ф | *Айтылышы*<br>**эф** | Менин атым “Ф”,<br>Кыргызча сөз башталбайт эч. |

*“Ф” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Фамилия, фарфор, фанера, фирма, фильм, фляга, фонтан



Футбол ойнойм аянтта,
Фонтан турган тарапта.
Фамилияң ким? – десе,
Айтып берем заматта.

**?** “Ф” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Х х | *Айтылышы*<br>**ха** | Мени билбей калбагын,<br>Мен “Х” деген тамгамын. |

*“Х” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Халат, хан, хлор, хоккей, хор, хулиган, хирург



Халат кийип апапак,
Хирург болуу тилегим.
Хордо ырдап азыртан,
Хоккейди да билемин.

**?** “Х” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ц ц | *Айтылышы*<br>**цэ** | “Ц” дешет мени,<br>Үйрөнүп ал эми. |

*“Ц” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Цемент, центнер, целлофан, цех, цирк, циркуль, цифра



Цехте иштейт эжекем,
Целлофан баштык жасаган.
Бир да сөз жок кыргызча,
“Ц” тамга менен башталган.

? “Ц” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ч ч | *Айтылышы*<br>**чэ** | Төрткө окшогон тамгамын,<br>“Ч” де бирок ар дайым. |

*“Ч” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Чаарчык, чагылган, чай, чана, чанач, чач, чөмөлө, Чынара



Малга тоют болуучу өсүмдүк – чөп,
Төөнүн тизесин бүгүп жатканы – чөк.
Туураган эттин сорпосу – чык,
Пахтадан токулган жука кездеме – чыт.

? “Ч” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ш ш | *Айтылышы* **ша** | Менин атым “Ш” болот,<br>Шайыр тамга деп коёт. |

*“Ш” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Шаар, шабдаалы, шакек, шамал, шар, Шаймерден




Шынаарлап чоң энеме,
Шакирт болуп көрөмүн.
Шымаланып үйрөнөм,
Шырдакчылык өнөрүн.

? “Ш” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Щ щ | *Айтылышы* **ща** | Мен болсо “Щ”мын,<br>Куйруктуу “Ш”мын. |

*“Щ” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиңер?*

Щи, щётка, щука



Щука – чортон балык,
Щётка – кийим тазалагыч.
“Щ” менен башталган кыргызча,
Бир да сөз жок экени анык.

? “Щ” менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ъ ъ | ***Ажыратуу белгиси*** | Ажыратуу белгиси делемин,<br>Сөз ортолоруна гана келемин. |

*“Ъ” тамгасы катышкан кандай сөздөрдү билесиң?*

Съезд, разъезд, адъютант



“Я”, “Ю”, “Е”. “Е”ден,
Дайыма мурда жазылам.
Йа, йу, йе, йэ деп,
Тамгага кошо айтылам.

? “Ъ” тамгасы катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ы ы | *Айтылышы*<br>**ы** | Мен “Ы” деген тамгамын,<br>Ырга ынак жанданмын. |

*“Ы” тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Ылдам, ынак, ынтымак, ырахмат, Ысык-Көл, Ырысбек



Ынтызар болуп жакшы ишке,
Ыкласымды коёмун.
Ызаттап улуу-кичүүнү,
Ыймандуу бала боломун.

? “Ы” тамгасы менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ь ь | ***Ичкертүү белгиси*** | Менин атым ичкертүү<br>белгиси болот,<br>Мени сөз ортосуна да,<br>аягына да коёт. |

*"ь" катышкан кандай сөздөрдү билесиң?*

Лагерь, автомобиль, асфальт, пальто, календарь, июль



Пальточон барып клубга,
Пьеса, концерт көрөбүз.
Автомобилге түшүп кайра үйгө,
Асфальт жол менен келебиз.

? "ь" тамгасы катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Э э | *Айтылышы*<br>э | Мени унутуп калбагын,<br>Мен "Э" деген тамгамын. |

*"Э" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Эгиз, эгин, эжигей, эл, элек, элет, эшек, ээр, Элдияр



Эне деген ыйык сөз,
"Э" тамгадан башталат.
Эл алдында парзыбыз,
Эне тилин барктамак.

? "Э" тамгасы менен башталган дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ю ю | *Айтылышы* **йу** | "Й" менен "У"мун,<br>Тагыраак айтсам "Ю"мун. |

*"Ю" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Юбка, юмор, юрист



Юбкачан сары кыз,
Юморлуу кеп айтат
1 менен 0дүн ортосу,
Бириги̇п калган деп айтат.

? "Ю" тамгасы катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Я я | *Айтылышы* **йа** | "Й" менен "А"дан бириккен,<br>"Я" деген тамгамын.<br>Акыркысы мен болом,<br>Отуз алты тамганын. |

*"Я" тамгасы менен башталган кандай сөздөрдү билесиң?*

Январь, ящик



Ясли – бешик үй,
Ага мурда барганбыз.
Аяктап жаткан бакчаны,
Азыр чопчоң балдарбыз.

? "Я" тамгасы катышкан дагы сөздөрдү тапкыла.

## КЫРГЫЗ АЛФАВИТИНДЕГИ ТАМГАЛАР

| Басма түрү | Жазма түрү | Басма түрү | Жазма түрү |
|---|---|---|---|
| А а | А а | П п | *П п* |
| Б б | Б б | Р р | *Р р* |
| В в | В в | С с | *С с* |
| Г г | Г г | Т т | *Т т* |
| Д д | Д д | У у | *У у* |
| Е е | Е е | Ү ү | *Ү ү* |
| Е е | Е е | Ф ф | *Ф ф* |
| Ж ж | Ж ж | Х х | *Х х* |
| З з | З з | Ц ц | *Ц ц* |
| И и | И и | Ч ч | *Ч ч* |
| Й й | Й й | Ш ш | *Ш ш* |
| К к | К к | Щ щ | *Щ щ* |
| Л л | Л л | ъ | *ъ* |
| М м | М м | Ы ы | *Ы ы* |
| Н н | Н н | ь | *ь* |
| ң | ң | Э э | *Э э* |
| О о | О о | Ю ю | *Ю ю* |
| Ө ө | Ө ө | Я я | *Я я* |

Тамгалардын бардыгын,
Алдык толук үйрөнүп.
Керек болот эми алар,
Жашообузга күндөлүк.

## СӨЗ ОЮНДАР

Эне тилде үч тамга,
Ө,Ң, Ү деп аталат.
Бириктирсе үчөөнү,
Бир гана сөз жасалат. (ӨҢҮ)

ӨН, ӨР деген эки сөз,
ӨНӨР болот бириксе.
Чынында өнүп, өр алат,
Балдар өнөр билишсе.

## КУРАП ОКУ

Сөз оюндардын жардамы менен курaштырып сөз түзгөндү үйрөн.

Адегенде "А" жазып,
Андан кийин "К"ны жаз,
Курап окуп, түстү айт. (АК)

"Ү" деген тамга мен болом,
"й"ды кошсоң "Үй" болом

"О"го "Ш"ны уласаң,
Ойлон кайсы шаар болот. (Ош)

Биринчи тамгасын ЭЛден ал,
Экинчи тамгасын ЭНден ал,
Үчүнчү тамгасын МЕНден ал,
Ушулардан куралган,
Эң бир ыйык пенде бар. (ЭНЕ)

Эки тамгасын АТтан ал,
Үчүнчүсүн АКтан ал.

Үч тамгалуу ушул сөз,
Кимиң болот тактап ал. (АТА)

Сөз оюндарга акроыр, полиндром сөз, шарада, метаграмма, логогриф, анаграмма кирет.

## АКРОЫР

(Баш тамгаларын кураштырып окуса бир сөз чыкчу оюн ыр)

**А**дам, айбан,
**б**ардыгы, дем алгандын
**а**ты эмне?

**Т**емирден
**а**ттын бутуна,
**к**адалгандын
**а**ты эмне?



**Б**ашы жалпак,
**А**ягы балчак.
**К**өзү тосток,
**А**ябай коркок.



**Б**актардын бутактарын,
**У**багы келген кезде
**Б**алпайта басып калат.
**А**папак үлпүлдөктүн,
**К**ана ким атын табат.



Түрмөктөлүп чыгат,
Үйлөрдөн булап.
Тумандай болуп,
Үйрүлүп жылып,
Назарды бурат.



**АМАЛ МЕНЕН ОКУСАҢ,**
**ЖЫЛ МЕЗГИЛИН ТАБАСЫҢ**

Кардан тонду жамынып,
Ызгаар жортуп жорголойт.
Шыргадаң суу чорголойт.

Жадырап тийип күн нуру,
Ала шалбырт кез келет.
Заматта бүрдөйт тал-терек.

Жалбырттаган жалынсыз,
Аптабы кактайт өрттөбөй.
Йемен деген өлкөдөй.

Кырманга кызыл дан толуп,
Үйүлөт саман-топону.
Зор береке ошобу?

1. *Ызгаар кайсыл мезгилде болот?*
2. *Ала шалбырт мезгили эмне деп аталат?*
3. *Кайсыл учурда аптап болот?*
4. *Кырман кайсыл мезгилде басылат?*

# ПОЛИНДРОМ СӨЗ

(Оңунан окуса да, тетирисинен окуса да бир эле сөз келип чыкчу оюн ыр)

Оң тетири окусаң,
Бир эле сөз.
Бирок ойлой келсең,
Мааниси көп. (Көк, как, чач, тыт ж.б.)

Күчүктү тетири окусаң күчүк,
Күкүктү тетири окусаң күкүк.
Кичикти тетири окусаң кичик,
Кызыкты тетири окусаң кызык.

Кандай окусаң да,
Кымыз куйган идиш.
Кыргыз болгон соң,
Милдетиң аны билиш. (Чанач)

Чоң, ири деген сөз,
Мындай сөздөр эне тилде көп. (Кесек)

Көзгө көрүнбөйт,
Колго кармалбайт,
Билбейсиң кандайын.
Бирок, ансыз жашоо жок,
Дем аласың ар дайым. (Аба)

Кандай мезгил болсо да,
Күндө жеген тамагың.
Эгер атын билбесең,
Дасторконду карагын. (Нан)

Алпечтеп өстүргөн,
Ар бир баланы.
Баардык адамдын,
Эң ыйык адамы. (Апа)

Дагы ушундай сөздөрдү тапкыла.

## ШАРАДА

(Ар бири өз алдынча сөздү түшүндүргөн эки сөздү бириктирип окуганда негизги табышмакталган сөз алынуучу оюн ыр)

Ойлоп туруп бир түстү,
Ичинде бар аласы.
Итке айтылчу бир сөздү
Ага улап койсоңор
Бир кайберен баласы. (Чаар - чык)

Биринчиси бел боо,
Экинчиси түс.
Кураштырып окусаң,
Бир жакшы буюм
Жасаган уз. (Кур - ак)

Таап туруп бир түстү,
Таш көмүргө жарактуу.
Улап койсоң бел боону,
Тоок сымал канаттуу. (Кара - кур)

Кулак байлап, коргон салууда,
Колдонулчу кыртыш атына.

Сорпо атын улап койсоңор,
Кушка айланат кичик, татына. (Чым - чык)

Ичкенин бир атына,
Кошуп жазсаң бир түстү.
Бир буюмду окуйсуң,
Асемдеп тарап чач күтчү. (Тар - ак)

Ушундай ырларды түзүүгө аракеттенип көргүлө.

## МЕТАГРАММА

(Адегенде табышмакталган сөздү таап, андан кийин ал сөздөгү бир тамганы башка тамгага алмаштыруудан сөздүн мааниси өзгөргөн оюн ыр)

"К" тамга менен башталса,
Кишинин болот жашы.
"Т" тамга менен башталса,
Турган үйүңдүн аты. (Курак, Турак)

"Л" тамга менен бүтсө,
Күндө баскан жериң.
"Н" менен бүтсө,
Карай бер тоонун белин. (Жол, Жон)

Үчүнчүсү "ч" болсо,
Мөмөлүү дарак.
"Л" ордуна "к" койсо,
Өтө баалуу кагаз. (Алча, Акча)

Соңку тамга "т" болсо,
Айыл жери элестейт.

"Т" ордуна "к" койсо,
Ун, талканга керектейт. (Элет, Элек)

Баш тамгасы "ү" болсо,
Жашоочу жайың.
"Ү" ордуна "у" койсо,
Короодогу малың. (Үй, Уй)

Акыркысы "р" болсо,
Андан малга жем берет.
"Р" ордуна "л" койсо,
Адамзатка дем берет,
"Н" болсо сөз чебери,
Элге-журтка эң керек. (Акыр, Акыл, Акын)

Бир тамгасы "и" болсо,
Кадимки эле каалга.
"И" ордуна "е" койгун,
Унаа керек маалда. (Эшик, Эшек)

Татуулукту билдирген,
Жети тамга ушул сөз,
Бабалардын таалими.
Бир тамгасын өзгөртсө,
Адамга айтчу жүүнү бош,
Алат башка маанини. (Ынтымак, Ынтырак)

Ушундай ырларды түзүүгө аракеттенип көргүлө.

# ЛОГОГРИФ

(Адегенде табышмакталган сөздү таап, ага мүчө уласа же кемитсе, же кошумча тамга кыстарса жаңы сөз келип чыгуучу оюн ыр)

Шатырата санасаң,
Бирдиктеги бир сан.
"Н" тамгасын уласаң,
Баалуу асыл металл. (Алты, Алтын)

Үч тамгалуу аты бар,
Ушул айды ким сүйбөйт.
Башына "саа" уласаң,
Анда желге үлпүлдөйт. (Май, Саамай)

Адегенде ойлогун,
Жадыраган жаз айын.
"лык" мүчөсүн уласаң,
Кетирет колдун майын. (Май, майлык)

Адегенде таап ал,
Бирдиктин бир санын.
Баш тамгасыз окусаң,
Алоолонгон от-жалын. (Төрт, Өрт)

Топ эмес, бирок жели көп,
Айыл эмес, бирок эли көп.
Бир үндүүдөн өзгөргөн,
Бул өзү деги кандай сөз. (Шар, Шаар)

Толук жазылып турса,
Ичине кирип жат.

Баш тамгасыз айтылса,
Жыты аңкыган зат.
Аяккы эки арибин окусаң,
Көңүлүң болот шат. (Чатыр, Атыр, Ыр)

Ушундай ырларды түзүүгө аракеттенип көргүлө.

## АНАГРАММА

(Адегенде табышмакталган сөздү таап, андан кийин ал сөздөгү айрым тамгалардын ордун алмаштыруудан жаңы сөз алынуучу оюн ыр)

Жолборс түстүү бир өңдү,
Жакшы ойлосоң табасың.
Тамгаларын которсоң,
Бир идишти аласың. (Чаар - Чара)

Кычыратып кар басып,
Кыш мезгилде киесиң.
Алмаштырсаң тамгасын,
Өкүнүчтү билесиң. (Өтүк - Өкүт)

Келиндер чачка тагынган,
Коозduктун атын билип жүр.
Ортоңку эки тамганын,
Орундарын алмашсаң,
Көлөмдүү жыгач идиштир. (Чачпак - Чапчак)

Эмне деп атайт уй, койдун,
Көкүрөк жак капталын.
Таап тетири окусаң,
Аласың ыштын башка атын. (Өөк – Көө)

Адегенде атын тап,
Кереге менен түндүктү
Бириктирген таяктын.
Тамгаларын алмашсаң,
Түртүп кой деген буйруктуу
Бир сөздү таап аласың. (Уук - Уку)

Ушундай ырларды түзүүгө аракеттенип көргүлө.


## СӨЗДҮК ЫРЛАР

Өтө чуңкур – терең,
Укпаган дүлөй – керең.
Кыр, жон – кыраң,
Малдын оорусу – ылаң.
Эртең менен эрте – таң,
Шаан-шөкөт, салтанат – шаң.
Ушактын бир аты – айың,
Дарактын бир түрү – кайың.

## БУЛ КАЙСЫ ООлор

Байлоочу жип – боо
Өнбөгөн карыз - доо
Элдешкис душман – жоо
Бийик аска – зоо
Терең кокту – коо
Жасалма арык – ноо
Оору эмес – соо
Кыргыз жери – тоо
Жөн-жай – чоо
Күңгүрөнгөн дабыш - шоо

## САНДАР САНАТЫ



Бул сандыктын ичинде
Бирдик, ондук сандар бар.
Бүт бардыгын салууга,
Батпай калды калгандар.

**0** Мен деген нөлмүн,
О тамгасына окшотуп көргүн.

**1** Менин атым бир,
Санаттын башы экенин бил.

**2** Бирге кошулган бирмин,
Эки эмей анан киммин.

**3** Экиге бирди кошкун,
Сабакты орто билгендерге досмун.

**4** Улактын канча буту бар,
Билбеген мени утулаар.

**5** Менин атым беш,
Кээде «эң жакшы» дешет.

**6** Мен алтымын, алтымын,
Бир нөлү бар жалкымын.

**7** Жалгыз буттуу жетимин,
Беш кошулган экимин.

**8** Мен сегизмин, сегизмин,
Эки нөлдүү эгизмин.

**9** Бир орундуу сандардын,
Чоңу болуп алганмын

**10** Мен он деген чоңдукмун
Кенжесимин ондуктун.

## БИЗ КАНЧАБЫЗ?

Биздин үйдө турабыз,
Анда эмесе караңыз:
Атам, апам, эжем, мен,
Канча адамды санадык?

## КАНЧАСЫ АНАР?

Бир табакта беш алма,
Анан да бар жети алча.
Данектери мөлтүрөп,
Анар да бар бир канча.

Мөмө-жемиш аталып,
Жалпы саны он алты.
Эсептеп көр эми сен,
Анар анын канчасы!?

## ЧАЧЫМДЫН САНЫ КАНЧА?

Колдорумда он манжа,
Буттарымда он манжа.
Кошсок бири бирине,
Болот экен жыйырма.
Бирок санын чачымдын,
Билиш өтө кыйын да.
Ошентсе да санашка,
Болсо керек чынында!?

# ӨЗҮҢДҮ ҮЙРӨН

| | | |
|---|---|---|
| Манжалар:<br>Ортон<br>Сөөмөй<br>Атыжок<br>Чыпалак<br>Тырмак,<br>Бармак<br>Алакан,<br>Билек<br>Чыканак<br>Чач<br>Баш<br>Чеке<br>Көз<br>Кирпик<br>Мурун<br>Ооз<br>Каш |  | Бет<br>Ээк<br>Моюн<br>Ийин<br>Акырек<br>Көкүрөк<br>Курсак<br>Колтук<br>Бел<br>Жамбаш<br>Жоон сан<br>Кол<br>Алаа<br>Тизе<br>Балтыр<br>Бут<br>Согончок<br>Таман |


Жогорку мүчөлөрүңдү сүрөттөн көрсөт.

# АДАМДЫН ОН ЭКИ МҮЧӨСҮ

Кашка жилик
Кары жилик
Жото жилик — Булар экиден болот
Жамбаш
Далы
Күң жилик

# БЕШ МАНЖАНЫН АТАЛЫШЫ

| | |
|---|---|
| Бармак | Баш бармак |
| Сөөмөй | Бадал жүрөк |
| Ортон | Орто оймок |
| Аты жок | Оюу чиймек |
| Чыпалак | Чыйп-чыйп чыпалак |



# ТӨРТ ТҮЛҮК МАЛДЫН АТАЛЫШЫ

Төрт түлүк малга – төө, жылкы, уй-топоз, кой-эчки кирет. Элдин түшүнүгүндө алардын өз колдоочулары бар.



Төөнүн колдоочусу – Ойсул ата. Төөнүн аталыштары: тайлак, бото, боточук, каймал, инген, буурулжун, буура, атан, лөк, нар, кошмок.



Жылкынын колдоочусу – Камбар ата. Жылкынын аталыштары: кулун, тай, кунан, бышты, кунан байтал, бышты байтал, кысырык, ат, бээ, айгыр.



Уйдун колдоочусу – Зеңга баба. Уйдун аталыштары: музоо, торпок (тай торпок, кунан торпок), кунаажын, букачар, инек, бука, өгүз.



Койдун колдоочусу – Чолпон ата. Койдун аталыштары: козу, күрпөң, борук (эркеги), токту (ургаачысы), эки тишти, ирик (төрт тишти), соолук.



Эчкинин колдоочусу – Шыбыр ата. Эчкинин аталыштары: улак, чебич, серке, теке.

## КЫРГЫЗЧА КҮН АТТАРЫ

Дүйшөмбү
Шейшемби
Шаршемби
Бейшемби
Жума
Ишемби
Жекшемби

Бул 7 күн – апта деп аталат. Кээде аны бир жума дешет.

Түнкү саат 12ден кайра түнкү саат 12ге чейинки мезгил сутка деп аталат жана ал эки бөлүктөн турат: күн жана түн.

1 сутка 24 саатка барабар.

Кыргыздар аптаны эсептөөнү ишембиден башташат.

## КЫРГЫЗЧА АЙ АТТАРЫ

| | |
|---|---|
| Бирдин айы | январь |
| Жалган куран | февраль |
| Чын куран | март |
| Бугу | апрель |
| Кулжа | май |
| Теке | июнь |
| Баш оона | июль |
| Аяк оона | август |
| Тогуздун айы | сентябрь |
| Жетинин айы | октябрь |
| Бештин айы | ноябрь |
| Үчтүн айы | декабрь |

Айдын Жерди бир айланып чыккан мезгили бир ай болот. Бир жылда 12 ай бар. Мурда кыргыздарда жылдын башы чын курандан башталган. Жазгы күн түн теңелгенде – азыркыча 21-мартта жаңы жылды тосушкан. Ал Нооруз деп аталат. Биз бул майрамды азыр да майрамдайбыз. Бирок, календарь боюнча жылды бирдин айынан баштап эсептейбиз. Кыргызча ай асмандагы айдын жаңырышына карата эсептелет.

## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Жыл төрт мезгилге бөлүнөт. Алар: жаз, жай, күз, кыш.

**Жаз мезгилине** – жалган куран, чын куран, бугу айлары кирет. Жаз келгенде кар эрийт, Бак-дарактар бүрдөп, көк чыгат. Келгин куштар учуп келет. Жер айдоо башталып, эгин себилет, жашылчалар айдалып, көчөттөр отургузулат. Күн узарат.

**Жай мезгилине** – кулжа, теке, баш оона айлары кирет. Жайында күн ысыйт. Мал жайлоого чыгарылат. Эгин, жер-жемиш, жашылчалар сугарылат. Айлана-чөйрө түркүн түстөгү гүлдөргө бөлөнүп, жер жапжашыл болуп турат.

**Күз мезгилине** – аяк оона, тогуздун айы, жетинин айы кирет. Күн салкындайт. Жер-жемиш, эгин бышып, жыйым-терим башталат. Жалбырактар кызыл, сары түскө ээ болот. Куштар жылуу жакка учуп кете баштащат. Күн кыскарат.

**Кыш мезгилине** – бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы кирет. Жалбырактар түшүп, бак-дарактар тартайфып, көрксүз көрүнөт. Кар жаап, суулар тоңот. Элдер жылуу кийинишет. Жер тайгалак болот. Балдар жылгаяк тебишет.

## КЫРГЫЗЧА ЖЫЛ АТТАРЫ

Жердин Күндү бир айланып чыккан мезгили, же болбосо төрт мезгилдин кайталанышы жыл деп аталат. Бир жылда 12 ай, 365 күн, 8736 саат, 52416 мүнөт бар. Кыргызча жыл эсеби он эки жылда бир кайталанат. Жыл башы чычкандан башталат. Мисалы, 1960-жылдан берки учурга төмөнкүдөй жылдар туура келет:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Чычкан | 1960 | 1972 | 1984 | 1996 | 2008 |
| Уй | 1961 | 1973 | 1985 | 1997 | 2009 |
| Жолборс | 1962 | 1974 | 1986 | 1998 | 2010 |
| Коен | 1963 | 1975 | 1987 | 1999 | 2011 |
| Балык (Улуу) | 1964 | 1976 | 1988 | 2000 | 2012 |
| Жылан | 1965 | 1977 | 1989 | 2001 | 2013 |
| Жылкы | 1966 | 1978 | 1990 | 2002 | 2014 |
| Кой | 1967 | 1979 | 1991 | 2003 | 2015 |
| Мечин (Маймыл) | 1968 | 1980 | 1992 | 2004 | 2016 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тоок | 1969 | 1981 | 1993 | 2005 | 2017 |
| Ит | 1970 | 1982 | 1994 | 2006 | 2018 |
| Доңуз (кара кийик) | 1971 | 1983 | 1995 | 2007 | 2019 |

Бул 12 жылдын кайталанышы боюнча кыргыздар мурда адамдын жашын эсептешкен. Аны мүчөл деп аташкан. Адамдын 12ге толуп, 13кө кадам шилтеген жылы бир мүчөл болот. Ошентип, 13 жаш – 1 мүчөл, 25 жаш – 2 мүчөл, 37 жаш – 3 мүчөл, 49 жаш – 4 мүчөл, 61 жаш – беш мүчөл, 73 жаш – 6 мүчөл, 85 жаш – 7 мүчөл, 97 жаш – 8 мүчөл ж.б. болот.

Жүз жыл – бир кылым болуп эсептелет.

## ТӨРТ ТАРАБЫҢДЫН АТАЛЫШЫ

Түндүк

Түштүк

Чыгыш

Батыш

## ЖЕТИ АТАНЫН АТАЛЫШЫ

ата
чоң ата
баба
жото
кубар
жете
тек

## КИЙИНКИ МУУНДАРДЫН АТАЛЫШЫ

бала
небере
чөбөрө
чебере
чыбыра
кыбыра

## ҮЙ-БҮЛӨ, ТУУГАН-ТУУШКАНДЫКТЫ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР

Ата, эне (апа), чоң ата, чоң эне, таята, таене, бала, уул, кыз, аке, аба, ага, байке, ини, үкө, ага-ини, синди, карындаш, эже, эже-сиңди, жеңе, келин, кайната, кайнене, кайнага, кайнеэе, кайын жеңе, кайын сиңди, балдыз, жээн, күйөө бала, таеке, таеже, таежеңе, аяш ата, аяш эне, өкүл ата, өкүл эне, өкүл кыз, өкүл күйөө, бөлө, дос, теңтуш, курбу, жолдош, бөбөк, ымыркай, наристе, балтыр бешик, небере, чөбөрө, жезде, куда, кудагый, кудача, аял, күйөө, кемпир, абышка, чал, байбиче, аксакал.



## УЛУТТУК КИЙИМДЕР

**Баш кийимдер:** калпак, тебетей, тумак, топу, малакай, бөрк, такыя, элечек, жоолук, шөкүлө, кулакчын.

**Сырт кийимдер:** чепкен, тон, ичик, чапан, кемсел, бешмант, күрмө, кементай, кур, ботокур, моюн орогуч, белбоо, оромол, шым, белдемчи, чыптама, кош этек.

**Ич кийимдер:** көйнөк, ич көйнөк, ыштан, дамбал.

**Бут кийимдер:** кепич, маасы, өтүк, чокой, чарык, тайтуяк, байпак, чулгоо.

## УЛУТТУК ТАМАК-АШТАР

**Суюк тамактар**: жарма, максым, көжө, чай, куурма чай, кымыран, кесме, сорпо (шорпо), бортошо, аладөң, карадөң, ак серке.

**Сүттөн жасалган тамактар**: сүт, айран, жуурат, саамал, кымыз, уй кымыз, төө кымыз, каймак, камкаймак, сүзмө, чалап, курут, эжигей, быштак, балмуздак.

**Эт тамактар**: нарын, туураган эт (бешбармак), куурдак, быжы, шишкебек, чүчпара, манты, куйрук-боор, жөргөм, чучук, олобо, казы-карта.

**Ундан жасалган тамактар**: нан, токоч, көчөч, катырма, каттама, боорсок, куймак, кесме, жупка, буламык, күлчө, күлчөтай.

## УЛУТТУК ИДИШ-АЯКТАР







**Темир идиштер**: казан, тулга, кумган, чөчүч, чара, чака, аптама, тепши, табак, депкир, кашык, чайнек, сузгу, чеңгээл.

**Тери идиштер**: сабаа, чанач, көнөк, көөкөр, көнөчөк, көңгөөл, тулуп.

**Жыгач идиштер**: оймо табак, кырма табак, желпүүрүн табак, аяк, сыр аяк, жанаяк, чөйчөк, сузгу, челек, элек, үбөлүк, тактай, соку, сокбилек.

**Таш буюмдар**: жаргылчак, ийик.

**Зер буюмдары:** сөйкө (сырга, иймек), билерик, шакек, желбирөөч, шуру, чач уштук, чолпу.

# БОЗ ҮЙ ЖАБДУУЛАРЫ



**Жыгачы** (сөөгү): түндүк, чамгарак, уук, кереге, босого, каалга, такта.

**Кийизи**: түндүк жабуу, үзүк, туурдук.

**Чий жасалгалары:** канат чий, эшик чий, чыгдан.

**Боо-чуулары:** эшик боо, төтөгө, керекге чалгыч, жабык баш, тегирич, жел боо, кырчоо, учтук.

# ҮЙ ЭМЕРЕКТЕРИ



Кийиз, өрө кийиз, ала кийиз, шырдак, талпак, аюу талпак, көлдөлөң, жууркан, төшөк, курак төшөк, шейшеп, жаздык, жаздык кап, аяк кап, чыны кап, табак кап, туш кийиз (туштук), сандык, жагдан, ала бакан, таар, кажары таар.

# АТ ЖАБДЫКТАРЫ



Ээр (куш баш, уй баш, ак каңкы ж.б.), айырмач, ыңырчак, тердик, желдик (каптырга), ичмек, жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, көрпөчө, көпчүк, быштан, үзөңгү, үзөңгү боо, канжыга, олоң, жырым, басмайыл, ат жабуу, үртүк, нокто, тизгин, сагак, чылбыр, ооздук, суулук, камчы, булдурсун, шапалак.

# УЛУТТУК ОЮНДАР



**Чүкө оюндары:** үч тапан, айкүр, калдым, упай, жедирмек, сасымай, канталамай, ордо, канымдат.

**Майда балдар оюндары:** чикит, маңгел, чөп жашырмай, жашынмак, дүмпүлдөк, тайкел, ак терек көк терек, жаңылмач айтышуу, капп айтышуу, макал-лакап айтышуу.

**Кыздар оюндары**: акыйнек, чакмак (топташ).

**Жаштар оюндары:** качма топ, жоолук таштамай, аркан тартмай, ашкабак чапмай, токмок салмай (кыз оюн), сокур теке, ак чөлмөк, селкинчек, эл чабар, шап кетти, уюм тууду, оромпой, аксак кемпир бапалак, караңгыда көзүм жок, токту сурамай, жөө эңиш, сармерден, ыр чыны.



**Чоңдор оюндары**: тогуз коргол, чатыраш, ордо.

**Ат оюндары:** кыз куумай, жамбы атуу, көкбөрү (улак тартыш), оодарыш, тыйын эңмей.

**УЛУТТУК МАЙРАМДАР**: ноорүз, үлүш, чечкор, орозо айт, курман айт.



# САЛТТАР, ҮРП-АДАТТАР

Ашар, шерне, түлөө, бата алуу, жентек, тушоо той, кудалашуу, жуучу келүү, сөйкө салуу, кыз узатуу, жеңкетай, төркүлөтүү, сүйүнчү айтуу, отко киргизүү, чач өрүү, аш, той, чачыла чачуу.

# КЫРГЫЗ МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ



Аса-муса, чоор, балтыркан чоор, чопо чоор, чогойно чоор, дилдирек, добулбас, жекесан, жылаажын, керней, комуз, коңгуроо, кыл кыяк, сурнай, сыбызгы, темир комуз, жыгач ооз комуз, чымылдак, шалдырак.

**ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫ:** оок, каз, өрдөк, күрп.



**ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ:** уй, жылкы, төө, кой, эчки, эшек, качыр, ит, мышык.

**ЖАПАЙЫ АЙБАНАТТАР** жырткычтар жана кийиктер болуп бөлүнөт.



**Жырткычтар:** арстан, ачкүсөн, аюу, бөрү (карышкыр), жолборс, ит, илбирс, кашкулак, карсак, мадыл, мышык, суусар, сүлөөсүн, чөө.

**Кийиктер:** аркар, бөкөн, бугу, жейрен, коен, кулжа, марал, тоо эчки, элик.

**КУШТАР** ийри тумшуктар жана илбээсиндер болуп бөлүнөт.





**Ийри тумшуктар:** бүркүт, жагалмай, ителги, кулаалы, күйкө, кыргый, туйгун, турумтай, чүйлү, шумкар, ылаачын.

**Илбээсиндер:** ак чардак, бабырган, безбелдек, борбаш, бөдөнө, зейнеп, каз, каракур, каркыра, карлыгач, кашкалдак, кекилик, көгүчкөн, кыргоол, кучкач, көк кытан, куу, өрдөк, таранчы, тартар, тоодак, торгой, улар, чабалекей, чулдук, чүрөк, чыйырчык.

## КУРТ-КУМУРСКА, БАКА-ЖЫЛАНДАР



Аары, бака, бөгөнөк, бөйөн, жөргөмүш, жылан, ийнелик, каракурт, кескелдирик, кирпи, коңуз, кур бака, көпөлөк, көгөн, кумурска, курт, күбө, сайгак, саратан, ташбака, үлүл, чаян, чегиртке, чиркей, чымын, эл кайда көчөт.

## ЖАНЫБАРЛАРДЫН БАЛДАРЫНЫН АТЫ

**Баласы кандай аталат**

Ар бир жаныбардын баласынын аты бар. Алардын атын билип алган жакшы.

Аркардын баласы – козуга,
Ай айланбай отугат.
Аюунун баласы – мамалак,
Май таман болуп жаралат.
Баканын баласы – чөмүч баш,

Чөөт суулардан көрүп тап.
Балыктын баласы – чабак,
Аны көлдөн табат.
Биттин баласы – сирке,
Көйнөгүңдөн издеп көр тинте.
Бугунун баласы – соёчор,
Чочконун баласы – торопой.
Жылкынын баласы – кулун,
Куйрук, жалы болот мунун.
Иттин баласы – күчүк,
Ырылдап турат энесин күтүп.
Канаттуунун баласы – балапан,
Жумурткадан чыгат карасаң.
Карышкырдын баласы – бөлтүрүк,
Көрбөйт аны көпчүлүк.
Кашкулактын баласы – борсолдой,
Маңдай тиши орсогой.
Коендун баласы – бөжөк,
Капуста, сабиз жеп өсөт.
Койдун баласы – козу,
Жаныбарлардын жоошу.
Мышыктын баласы – мый,
Мыелогон үнү чый.
Чычкандын баласы – чиедей,
Муну дагы билегөр.
Суурдун баласы – чөндөлөй,
Чычкандын баласы – мөндөлөй.
Тооктун баласы – жөжө,
Эже-сиңди балдары – бөлө.
Төөнүн баласы – бото,
Энеси жокто боздогон ошо.
Түлкүнүн баласы – бачики,
Ит тукумуна кирет насили.

Уйдун баласы – музоо,
Сайгак тийсе азоо.
Эликтин баласы – чаарчык,
Тоолордо болот баардык
Эчкинин баласы – улак,
Так секирип, серендеп турат.
Эшектин баласы – такай,
Минсең көңүлүң шат ай!
Дагы жаныбарлардын балдарын,
Өзүң издеп тап калганын.

## БАК-ДАРАКТАР, КАРАГАН-БУТАЛАР

Арча, долоно, итмурун, кайың, карагай, караган, кызыл карагай, кара жыгач, мажүрүм тал, моюл, сөксөөл, табылгы, тал, терек, четин, ыргый, шилби, чычырканак, эмен.

## ЖЕМИШ БАКТАРЫ

Алма, алмурут (ашпурт), алча, анар, жаңгак, карагат, бөрү карагат, кара өрүк, мисте, өрүк, чие, шабдаалы.

## ДАН ЭГИНДЕР

Арпа, буудай, буурчак, жүгөрү, зыгыр, конок (күрүч), маш буурчак, сулу, таруу.

## ГҮЛДӨР

Байчечекей, кызгалдак, жоогазын, гүлкайыр, чегегүл, чымылдак ж.б.

## ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨР

Бака жалбырак, долоно, жалбыз, чалкан, чайчөп, бөрү карагат, дан куурай, көкөмерен ж.б.

## ЖЕР-ЖЕМИШТЕР

Бүлдүркөн, карагат, бөрү карагат, чычырканактын ашы, четиндин ашы, кулпунай, жүзүм.

## МӨМӨ-ЖЕМИШТЕР

Алма, алча, алмурут, өрүк, кара өрүк, шабдаалы, жаңгак, бадам, мисте, чие, гилас ж.б.

## ЖАШЫЛЧАЛАР

Дарбыз, бадыраң, коон, пияз, сабиз, чамгыр, капуста, кызылча, сарымсак, түрп, шалгам ж.б.

## ЖҮРҮМ-ТЫЙЫМДАР

Ата-бабаларыбыздан бизге мурас болуп калган көптөгөн макал-лакаптар, жүрүм-тыйымдар, накыл сөздөр бар. Алар силерди адептүү, ыймандуу, тарбиялуу жакшы адам болууга чакырат. Силер төмөнкү жүрүм-тыйымдарды үйрөнүп алгыла. Булар силердин келечектеги жашооңорго кеоеги тиет.

- Нан ырыскың – аны тепсебе, жаман дебе, ыргытпа, тебелендиге таштаба.
- Нанды жаман дебе.
- Нанды көмкөрөсүнөн койбо, бир колдоп сындырба.
- Туз – насибиң, аны тепсебе, алыска жол жүрөрдө туз таты.
- Үйгө келген адамга даам ооз тийгиз.

- Тамакты алгач өзүң ооз тий, насиптин алдын башкага бербе.
- Отко түкүрбө, суу чачып өчүрбө.
- Агын сууга түкүрбө, ылайлаба, даарат ушатпа.
- Булак башын булгаба, ыйык сакта.
- Чай, суусун сунганда чыныны оң колго кармап, сол колду көкүрөккө коюп, бир аз ийилип сунуш керек, ал эми куйганда өз колуңа алып куй.
- Мейман келгенде кабагыңды бүркөбө.
- Улуулардын кешигинен ооз тий.
- Тамак ичээрде жылаңбаш отурба, жылаңач отуруп, жатып алып тамак ичпе.
- Тамак ичип жатканда жер таянып отурба.
- Тамакты чалпылдатып чайнаба, шорпону шорулдатып ууртаба.
- Тамак ичип бүткөндөн кийин бата кыл, тамак ичээр замат жатпа.
- Дасторкондо отурганда сыртка чыгууга туура келсе, олтурган адамдын бутун аттап өтпө, сакалдуу адамдын арттынан өт.
- Чайыңдын түбүн төкпөй ич, ырыскыңдан айрыласың.
- Дасторконду жыйнай электе жата калба же туруп кетпе.
- Эртең менен эрте турсаң ырыскыңдан куру калбайсың.
- Эртең менен турганда бет жуубай туруп кишиге караба.
- Эртең менен жаман сүйлөбө.
- Күн шашкеге чейин жатпа.
- Малды теппе, башка чаппа.
- Канды тебелебе.
- Жыйылган жүккө жатпа.
- Жаткан адамды аттап өтпө.
- Салынган төшөктүн баш жагын тепсебе.
- Кийимдин жакасы менен жеңин тебелебе.
- Колуңду жууганда силкпе, ырыскы качат.

- Чачты ар жерге таштаба.
- Баш кийиминди жоготпо, башынды жоготконго тете.
- Баш кийимди теппе, ыргытпа, тескери кийбе.
- Кийип жүргөн баш кийиминди белекке бербе, алмашпа, талаага таштаба, сатпа.
- Көк чөптү жулба, жалгыз дарактты кыйба, чөптөй куурап, дарактай кыйылып каласың.
- Колуңду төбөңө койбо.
- Жаагыңды таянба, ыксыз үшкүрүнбө капачылыкты чакырасың.
- Жаш туруп желбегей жамынба.
- Жер таянып отурба, таякка сүйөнбө.
- Колуңду аркаңа алып баспа.
- Беймаал убакта ыйлаба, күүгүмдө уктаба.
- Босогого жөлөнбө, бойлоп турба; астананы басып турба, астанага жатпа.
- Босогодо туруп кол алышып учурашпа.
- Сууну булгаба, суу боюна уктаба.
- Кишини шыпыргы менен урба.
- Шыпырынды жерге отурба.
- Шыпырындыны тепсебе.
- Тузду төкпө.
- Кыз баланы теппе, бактысыз болуп калат
- Кыз баланы сөкпө, урба.
- Саламдашпай туруп сөз баштаба.
- Өзүңдөн улуу кишиге бөйрөк таянып жооп бербе.
- Улууга акаарат айтпа, улуулардан сөз талашпа.
- Капталдан качырып сөз сүйлөбө.
- Карыптарга күлбө.
- Улуу адамдын жолун кесип өтпө.
- Малды теппе, томаяк болуп каласың («Мал боор эт менен тең»).
- Итке суу чачпа, бети-колуңду сөөл басат.

- Эшикти тээп ачпа.
- Адамды айланып чуркаба.
- Эки кишинин ортосунан өтпө.
- Караңгыда ышкырба, үйдүн ичинен ышкырба.
- Түндөсү жер чукуп ойнобо, чок менен бирөөнү кубалаба.
- Таманыңды бириктирбе, таңдайыңды такылдатпа.
- Бутуңду тартпа, бөйрөгүңдү таянба, колуңду оозуңа салба.
- Көрбөй туруп көрдүм дебе.
- Каратып туруп калп айтпа.
- Кишиге артыңды (сооруңду) салба.
- Отургандарга дайыма салам айтып өт.
- Адамга жакшылык кылууну унутпа.
- Жаш бүчүрдү сындырба.
- Жалгыз талды кыйба, жаш чөптү жулба.
- Бут кийимди төргө койбо.

# МАКАЛ-ЛАКАП, НУСКА, НАКЫЛ СӨЗДӨР

- Эл – эне, жер – ата.
- Эр эмгегин жер жебейт.
- Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак.
- Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат.
- Эр жигит энеден туулат, эл үчүн өсөт.
- Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол.
- Жигиттин сөзүнүн өлгөнү, өзүнүн өлгөнү.
- Ак ойлоп, адал иште.
- Калк айтса, калп айтпайт.
- Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат.
- Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.
- Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшойт.
- Ата тарбиялаган бала – эстүү, эне тарбиялаган бала – эптүү.
- Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт.
- Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот.
- Абийириңди жашыңдан сакта.
- Карынын сөзүн капка сал.
- Карынын сөзү, акылдын көзү.
- Карыга катуу айтпа.
- Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.
- Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.
- Ынтымак бар жерде – ырыс бар.
- Ырыс алды ынтымак.
- Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат.
- Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.
- Жашында берсин мээнетти, карганда берсин дөөлөттү.
- Уят өлүмдөн катуу.
- Кекчил болбо, кечиримдүү бол.

# ТАБЫШМАКТАР

Учат шуулдап канатсыз,
Жүгүрөт жерде тамансыз.
Урунса да сынбастан,
Далбалактайт чапансыз
(*Шамал*)

Жыйым-терим болгон,
Кампага дан толгон,
Кайсыл мезгил ойлон.
(*Күз*)

Суукта катуу,
Жылууда суюк.
Дагы бир түрү
Асмандагы булут. (*Суу*)

Заматта тоңуп май,
Ичи кыш, сырты жай. (Муздаткыч)

Сыйкырлаган жөнөкөй,
Сууну музга айлантып.
Жалтылдатат жолдорду,
Кемпир-чалды тайгалтып.
Сүрөт тартат айнекке,
Көргөндөрдү таң калтып. (Кыш)

Жамгырда бар, карда бар, буудда жок,
Арыкта бар, сайда бар, сууда жок.
Жыгачта бар, ташта бар, музда жок,
Кристаллда бар, кантта бар, тузда жок.
(**а** тамгасы)

# ЖАҢЫЛМАЧТАР

Топ тоголок,
Токтобойт тоголоп,
Тоголотсоң жоголот.

Дөңгөлөк, дөңгөлөк,
Дөңгө чыгат өрмөлөп,
Дөңдөн түшөт жөрмөлөп.

Бир чапчакта бир капкак,
Кир чапчакта кир капкак.

Аппак чапчактын капкагы да аппак,
Аппак капкактуу чапчак да аппак.

Кашка кой башка койду жериди,
Башка кой кашка койду жериди.

Кулагы чунак улак,
Улактын кулагы чунак.

Каныбек, Жаныбек, Калыбек,
Карыбек, Алыбек, Адилет.
Биздин бакчада аты уйкаш,
Балдар, кыздар дагы көп.

Күйпүл күчүк Гүлбүбүгө үрдү,
Гүлбүбү күйпүл күчүккө күлдү.

Көгала көпөлөк көккө учат көкөлөп,
көккө учкан көкөлөп көгала көпөлөк.

Өргөн жөргөмдү көргөм,
жөргөм өргөнгө керек жөндөм.

Качкын ачмын деп каймакты аймады,
аймаганды каймакты ачкан Качкындан каймак калбады.

## МЕНИН ТОБУМ

Тобум менин тоголок,
Тоголотсом жоголот.
Өйдө карай ыргытсам,
Учуп чыгат оболоп.

Жерге урсам секирет,
Такыр койбой чаалыгып.
Тепсем качып жеткирбей,
Калат мага таарынып



## КЫШЫНДА

Жантык жерге келебиз,
Жыргап чана тебебиз.
Кардан башын кылтыйтып,
Куурай карайт элейип.

Көк жалтаң муз табабыз,
Бутка коньки тагабыз.
Муз үстүндө бийлесек,
Бактар карайт алайып.



Бутка лыжа байланып,
Колго таяк карманып.
Зуулдап сызып баратсак,
Тоо-таш карайт таң калып.

## АЯЗ АТА

Аяз ата келди,
Бизге белек берди.
Бакчаларда болуптур,
Кыдырып көп жерди.



Кол кармашып биз менен,
Балатыны айланды.
Өнөрлөргө биздеги,
Жетине албай таң калды.

Биздин койгон ойнубуз,
Кымкаар кызга жакты.
Аяз ата экөөлөп,
Бата берип кайтты.

## КУУРЧАГЫМ ТАЙ-ТАЙ

Куурчагым каз-каз,
Кечиктирбей тез бас.
Жалкоо болуп жашыңдан,
Жата бербе уктап.



Түптүз тур – кайкай,
Бутуңду ач – талтай.
Шилтедик кадамды,
Шыдыр бас – тай-тай.

## КҮЧҮК МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ



Кичинекей күчүгүм!
Ав! Ав! Ав!
Сырттан мүмкүн үшүдүң?
Жок! Жок! Жок!
Ачты бекен курсагың?
Ток! Ток! Ток!
Анда эмесе чуркагын!
Топ! Топ! Топ!
Деги кандай мүнөзүң?
Шок! Шок! Шок!
Эмине деп үрөсүң?
Борс! Борс! Борс!
Ит адамга ким болот?
Дос! Дос! Дос!
Алар дайым бир болот!
Ов! Ов! Ов!



## КАНДАЙ ТҮСТҮ БИЛЕСИҢ?

Түркүн-түркүн түстөр бар,
Көз тайгылтып караткан.
Көп маанилеш сөздөр бар,
Көркөм мурас жараткан.

## АК

Сүт менен карды көргөндө,
Ак деген түстү туясың.
Ак деп буйруп кай бирде,
Арыкка сууну бурасың.

## АЛА

Аралашса башка түс,
Кадимки эле акка.
Келип чыгат кандай түс,
Жакшы ойлонуп такта.

## БОЗ

Буурул, агыш түстөгү,
Койдун өңүн боз дешет.
Үйүнөн безген бозгунчу,
Бар болсо да жокко эсеп.

## БУУРУЛ

Боз, сур, көк түс айкашкан,
Аттын өңүн буурул дейт.
Ак аралай баштаган,
Чач да аталат буурул деп.

## ЖАШЫЛ

Жаздын өңү дайыма,
Жашыл болот турбайбы.
Жаз мезгили жаштыкка,
Жакын болот турбайбы.

## КАРА

Кара түстү издесең,
Көмүрдү көр, чачты көр.
Багыт керек болгондо,
Сөөмөй сунган жакты көр.

## КАШКА

Кашка делип айтылат,
Маңдайында агы бар.
Уй, кой, чымчык өңдөнгөн,
Түркүн-түркүн жаныбар.

## КЕР

Күрөңүрөөк келген түс,
Адаттан тыш кер делет.
Күрөң чалыш кашка атты,
Кер кашка деп айт демек.

## КОҢУР

Кара күрөң түс болсо,
Атай бер аны коңур деп.
Жоош, салмактуу, бир мүнөз,
Адамды да коңур дейт.

## КОЧКУЛ

Кээ бир түскө кочкулду,
Кошуп айтсаң келет төп.
Ага мисал издесең,
Кочкул жашыл, кочкул көк.

## КӨК

Көргүң келсе көк түстү,
Көргүн өңүн көк таштын.
Көк кубалайт жазда кой,
Чыкканда чөп – көк жазгы.

## КУБА

Бозоруп агыш көрүнсө,
Оңгондой болуп кээ бир түс.
Же кан-сөлсүз болуп бозорсо,
Кээ адамда – ыраң, жүз.
Куба деп айтып сен аны,
Эл сөзүн сактап, барктап күт.

## КУУ

Бозомтук, агыш түс болсо,
Андайды дароо куу дегин.
Кунарсыз – сүтү аз уй болсо,
Атай бер аны куу желин.

## КҮЛГҮН

Ачык түсү бир өңдүн,
Бажырайып көрүнгөн.
Күлгүн түс деп аталат,
Муну да түй көңүлгө.

## КЫЗЫЛ

Дарбазасыз, эшиксиз,
Жолду бөгөйт кызыл түс.
Багындырган байкатпай,
Бар өңдөнөт мында күч.

## КЫРМЫЗЫ

Гүлдөй көркөм ушул түс,
Күлгүн менен маанилеш.
Ар сөзүндө кыргыздын,
Абайласаң маани көп.

## МАЛА

Ачык эмес анчалык,
Түс аталат мала деп.
Ага мисал издесең,
Мала кызыл, мала көк.

## САРЫ

Эгин бышып жайкалып,
Алтын сымал түс берсе.
Жер сарыга бөлөнөт,
Бышыкчылык күз келсе.

## СУР

Таза күлдүн өңүндөй,
Аралашкан ак-кара.
Түстү берет сур деген,
Окшобогон башкага.

## ТАРГЫЛ

Темгил-темгил так болуп,
Күрөңгө боз айкашса.
Конгон мындай кызык өң,
Таргыл деген жалпы атка.

## ТОК

Кочкул тартып кээ бир түс,
Коюуланып көрүнсө.
Кошуп айтат ал түскө,
Эл ичинде көбүнчө.

## ТОРУ

Куйрук, жалы карарган,
Кызгылт күрөң жылкыны.
Тору дешет байыртан,
Кыргыз малга ышкылуу.

## ЧААР

Чаар түс болот өзгөчө -
Темгил ала бир беткей.
Элестетсең эгерде, -
Жыландай же илбирстей.

## ЧИЙКИЛ

Чийкил түстү билбесең,
Элден издеп табалы.
Кызыл чийкил кыз менен,
Сары чийкил баланы.

## ЧЫМКЫЙ

Чымкый деген ушул өң,
Өз алдынча түс эмес.
Бирок түскө кошумча,
Берип турат бир элес.

*Дагы кандай түстөрдү билесиң?*

## АДЕПТҮҮЛҮК АЛИППЕСИ

**А**деби бар баланын,
Айткан сөзү орундуу.
**Б**ейадептен безип кач,
Билбейт бары-жогуңду.

**Г**умандуу деген адамдын,
Гүлдөй назик көңүлү.
**Ж**амандык жасап бирөөгө,
Жер карабайт өмүрү.

**Д**илгир болот ар ишке,
Дили таза наристе.
**З**ээндүү бала эч качан,
Зыян кылбайт эч кимге.

**И**йменчээк келет мүнөзү,
Илбериңки баланын.
**К**арыларга акаарат,
Келтирет кежир ар дайым.
**М**ээрими жок, митайым,
Мактанчаак болуп калбагын.

**Н**ысаптуу адам нарк сактап,
Намыскөй келет бир өзү.
**О**солураак адамдын,
Орой болот мүнөзү.

**Ө**зүмчүл адам эч качан,
Өрнөк болбойт башкага.
**П**айданы ойлоп, пас болуп,
Пейлиңди бурба акчага.

**С**ыпайы, сылык адамдар,
Саламдан жазбайт дайыма.
**Т**артиптүүнү көргөндө,
Тентек келет арына.

**У**бадасын аткарат,
Уяттуу адам дайыма.

**Ү**зүрүн көрүп эмгектин,
Үлгүлүү болот баарыга.

**Ш**орулдатып тамакты,
Шашып ичкен эң жаман.
**Ы**раазы кылат улууну,
Ызаттап дайым сыйлаган.

**Ч**ындыкты айтса чычалап,
Чыр болсоң эч өспөйсүң.
Эндекей болбой жашыңдан,
Эстүү болсоң көктөйсүң.

*Кандай адам адептүү, кандай адам адепсиз экендигин айтып бер.*

## КОМПЬЮТЕР

Компьютерим бар менин,
Атам берген белекке.
Тамгаларды үйрөндүм,
Жарап жатат керекке.

Ката кетсе жазуумдан,
Кыйналбастан оңдоймун.
"Чычкан" менен башкарып,
Кээде оюн ойноймун.

Монитордон көрүнөт,
Жазгандарым жаркырап.
Чыгарчусу кагазга,
Принтер деп айтылат.



Иштей билсең компьютер,
Көп иштерди аткарат.
Процессор – мээсине,
Эмне жазсаң сакталат.

## ИНТЕРНЕТ

Кыдырамын күнүгө,
Булуң-бурчун дүйнөнүн.
Балдар менен достошом,
Бирок өзүм үйдөмүн.

Бардык жерден заматта,
Жаңылыкты угамын.
Жер тыңшаган Маамыттай,
Бирок үйдө турамын.

Калдыңарбы кызыгып,
Мунун сырын билсем деп.
Техника заманбап,
Анын аты – Интернет.

## ЖАН ТЕЛЕФОН

– Атсалоому алейкум,
Мал-жаныңыз аманбы?
– Алейкума атсалом,
Өзүң кандай каралдым!?
– Баары жакшы чоң ата,
Сак-саламат болуңуз!
Чоң энемдм сагындым,
Салам айтып коюңуз!
– Атсалоому алейкум,



Каяктасыз таята?
– Алейкума атсалом,
Төө-Ашууда баратам.
Жүрөсүңбү оорубай,
Окууң кандай берекем?
– Машинеңиз бузулбай,
Шыдыр болсун жолуңуз.
Дайым жолдо жүрөсүз,
Ден соолукта болуңуз!?

Арпа деген жайлоодо,
Малын багат чоң атам.
Ошко каттап дайыма,
КАМАЗ айдайт таятам.

Алар менен ушинтип,
Байланышып турамын.
Жакын кылган алысты,
Жан телефон куралым.

## БАШ КАТЫРМА

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |

1. Балдар окуучу жай. (Мектеп)
2. Биринчи класстын балдары окуй турган китеп, (Алиппе)
3. Март айында болуучу жаңы жыл күнү. (Нооруз)

4. Тамак ичүүчү жай, тамак бышыруучу бөлмө. (Ашкана)
5. Түз сызык сызуу үчүн колдонулуучу курал. (Сызгыч)

Ушул баш катырманы туура тапсаңар биринчи сапты тикесинен окуганда кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон эпостун аты келип чыгат. (“Манас”)

Өзүңөр да ушундай баш катырма түзүүгө аракеттенгиле.

# КЫРГЫЗСТАН ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕЛЕР

## Мекен деген эмне?

Сапар телевизор көрүп отуруп, “Сенин мекениң – Кыргызстан” деген сөздү укту.

– Мекен деген эмне? – деп сурады ал чоң атасынан.


– Мекен деген сенин туулуп-өскөн жериң, - деп жооп берди чоң атасы.

– Ал эми Кыргызстан дегенчи?

– Сенин элиң жашаган мамлекет Кыргызстан деп аталат.

– Анда биздин айыл Кыргызстан деп аталабы? – деп сурады Сапар таңдана.

– Сен үйдөн чыгып, айлана-тегерегиңе көз жүгүртчү. Көчөлөрдү, үйлөрдү, бак-дарактарды көрөсүң. Андан ары карасаң керилген талаалар, мөлтүр булактар, бийик тоолор, көлдөр жатат, жан-жаныбарлар жүрөт. Айылдан чыккан жолдор сени башка айылдарга, шаарларга алып барат. Мына ушулардын



баардыгы биригип Кыргызстан деп аталат. "Мекен өз үйүңдөн башталат", - деген сөздүн мааниси мына ушунда.

– А мамлекет деген эмне? – деп сурады Сапар.

– Сенин элиң жашаган жердин аймагы мамлекет деп аталат, - деп түшүндүрдү чоң атасы.

– Башка элдердечи?

– Ооба, дүйнөдө башка көптөгөн мамлекеттер бар.

– Мамлекетти эмне үчүн коргош керек?

– Сенин мамлекетиң – сенин мекениң. Эс тартып чоңойгон сайын өз мекениңе карыз экениңи түшүнөсүң. Анткени мекен сени асырап өстүргөн. Сен ошол жерден дүйнөнү тааный баштагансың. Мекенди сага ата-бабаларың мураска калтырган. Сен дагы кийин балдарыңа калтырасың. Ал үчүн мекенди көздүн карегиндей сактоо, душмандан коргоо керек.

## Кыргыз жергеси бейиштей жер



Бөбөк, эми кыргыз жергесине саякатка чыгып көрөлү. Кыргыз жергесинин жаратылышы абдан кооз. Ажайып сулуу. Кыргыз жергесинин көпчүлүк бөлүгү тоо. Бийик тоолордун башында жайында да, кышында да жаткан аппак мөңгүлөр бар. Ошондуктан кыргыз жергесин жалпысынан Ата-Тоо деп аташат. Кыргыз элинин ак калпагы да Ала-Тоого окшош болгону ошондон. Ала-Тоо - кыргыз элинин ата конушу. Мында талаалар, токойлор, капчыгайлар, шаарлар, кыштактар бар. Суулары өтө көп, эң чоң суусу – Нарын дайрасы. Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Соң-Көл, Сары-Челек деген эң кооз көлдөрү бар. Сен кыргыз жери менен сыймыктанууга толук акылуусуң. Айтор кыргыз жери керемет жер. Байыркы өткөн заманда бул жерде Манас атабыз жашаган.

# Кыргызстан – кыргыздардын Ата Мекени

Кыргыз эли эң байыркы элдердин бири. Кыргыздардын бул жерде турганына эчен миңдеген жылдар болду. Демек, сенин Мекениң – Кыргызстан. Ал Кыргыз Республикасы же кыскача Кыргызстан деп аталат.

– Кыргызстанды башка элдер кантип тааныйт?

– Кыргызстанды өзүнчө мамлекет катары өзгөчөлөп турган белгилери бар. Алар Герб, Туу, Гимн деп аталат.

## Кыргызстандын герби

Авторлору: А.Абдраев, С.Дубанаев



## Кыргызстандын туусу

Авторлору:Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков,
С.Иптаров, Ж.Матаев, М.Садыков



## Кыргыз Республикасынын гимни

Сөзүн жазгандар: Ж.Садыков, Ш.Кулуев.
Музыкасын жазгандар: Н.Давлесов, К.Молдобасанов

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма:*

# ЭНЕ ТИЛ



Сенин эң биринчи жакын кишиң – энең. Анткени, ал сага ак сүтүн берип, алдейлеп чоңойткон. Адегенде “апа” деп тилиң чыгып, эң алгачкы сөздү энеңден үйрөнгөнсүң. Эне тили эне сүтү менен кошо каныңа сиңген. Ошондуктан, сен сүйлөгөн тил эне тили деп аталат.

Эне тилди жакшы билгениң энеңди жана элиңди сыйлагандык болуп эсептелет. Эне тилсиз эл болбойт. Элди эл кылган, өзүнчө улут катары таанытып турган анын тили. Элдин тарыхы да, маданияты да, салт-санаасы, үрп-адаты, каада-салты да, келечеги да эне тили менен байланыштуу. Өз элин, мекенин сыйлаган адам эне тилин жакшы билиши керек.

Сенин эне тилиң – кыргыз тили. Сен адегенде өзүңдүн эне тилиң – кыргыз тилин жакшылап үйрөн. Ошондо гана сен өз элиңди, кыргыз тили аркылуу башка элдерди , башка жерлерди билесиң. Мүмкүн дагы көптөгөн тилдерди үйрөнөсүң.

## Эне тил

Эне тил ыйык экени,
Эч адам тангыс чындык да.
Эненин тилин сыйлабоо,
Эзелтен тете кылмышка.

Элдигин, тилин коргогон,
Эрендер жолун жолдойлу.
Эне тилди унутуп,
Эси жок маңкурт болбойлу.

Кыр-кырдан жыйып эл кылып,
Кыйырын жоодон сактаган.
Кыргыз тил – тили Манастын,
Бабалар баалап барктаган.

Дүйнөгө кеткен дүбүртү.
Атагын жайып кыргыздын.
Ардактап, барктап, сайтайлы,
Кыргыз тил – тили Чыңгыздын.



## МУШТУМ
(жомок)

Күндөрдүн биринде эне Бармак төрт баласына: Сөөмөй, Ортон, Атыжок жана Чыпалакка кеңеш салды.

– Балдарым, бак тикпейлиби? – деди балдарына суроолуу карап.

– Макул, энеке, тээтигил жерге тигели, - деп Сөөмөй ээн жаткан талааны көрсөттү.

– Опий, ал жердин баарын кантип айдайбыз, белибиз ооруйт го, - деп Ортон моюн толгоду.

– Кантип айдамак элек, чанайбыз деле бак тигип коебуз, - деди Атыжок Ортонду анча жактыра бербей.

– Айдаса айдайлы, - деп Чыпалак чебеленип жиберди.

Балдарын байкап турган Бармак мындай деди:



- Туура айттыңар балдарым. Тигил ээн жаткан талаага бак тигип коелук. Ал кийин чоңоюп, шуудураган калың токой болот. Токойго ар түркүн жаныбарлар келишет. Ары-бери өткөндөр эс алышат. Биздин эмгегибиздин ырахатын көрүшөт. Ошондо бизге алкыш айтышат.

– Макул энеке, биз ал үчүн “момундай” бирдиктүү болуп, азыр эле ишти башташыбыз керек. Ошондо гана биз ар кандай каршылыктарды жеңе алабыз, - деп балдары чуулдап жиберишет. Ошондо төрт манжа биригип, Муштум пайда болгон экен.

# ТАЯК

(жомок)

Илгери бир акылман карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Бала чоңойгондо акылы тайкы, оюнкараак чыгат. Ата-энесине кол кабыш кылбайт. Буга атасы капа болуп жүрөт.

Кыш түшүп, бир күнү кар жаайт. Атасы уулунан короодогу карды күрөп коюшун өтүнөт. Баласы жалкоолонуп:

– Башым ооруп атат, - деп жатып алат.

Атасы короодогу карды күрөп атып, тайгаланып жыгылып бутун кокустатып алат.

– Эгер уулум тоодон таяк кесип келип берсе, бат эле оңолот элем, - дейт атасы уулун сынамакка. Уулу:



– Мен азыр эле кыркып келе коем, - тоого жөнөйт. Жолдо бара жатса, таякчан бир карыя адам келе жаткан экен, аны коркутуп таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет. Атасы таякты отко салып жиберет. Уулу үндөбөйт. Атасы:

– Уулум, эгер таякты өз колуң менен кыркып келгенде, таяк күйбөйт болчу. Эми менин оорум айыкмак турсун күчөдү, - дейт.

Уулу кайра тоого жөнөйт. Жолдо ойлонот: “Кар калың. Аяз минтип чыкылдап турат. Тоого жетмегим азап болот го? Андан көрөкчө базардан эле сатып алайын”.

Ошентип, базардан таяк сатып алат да, атасына алып келет. Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат. Уулу үндөбөйт. Бул жолу карыя уулуна эч нерсе айтпастан, тескери бурулат. Уулу атасынын капалуу түрүнөн чочуп, эми чындап эле тоого жөнөйт. Эчен кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет. Атасы бул жолу таякты алыс ыргытат.

Ошондо уулу ыйлап жиберет. Жолдогу кардын калыңдыгын, үшүгөнүн, ачка болгонун, тоодон карышкыр көргөнүн айтат. Ошондо атасы бул жолу уулунун таякты чындап мээнет менен алып келгенине ишенет. Баласына мындай дейт:

- Уулум, менин оорумдун дарысы сенин чындык сөзүң болучу. Эки жолу калп айтып, таякты оңой жол менен таап келдиң. Үчүнчү жолкусунда гана өзүң барып, тоодон өз колуң менен кыркып келдиң. Эми мен тез эле сакая баштайм.

Ошол окуядан кийин уулу чынчыл, ак ниет, эмгекчил боло баштаптыр.

## УЗУН САРЫ

(уламыш)

Илгери жоокерчилик заманда атасы казатта каза тапкан бир кыз энеси экөө эл ичинде эптеп күн өткөрөт. Кыз атасы же ага-иниси болбогондон кийин элге аралаша албай жалтак өсөт. Купуя айтылган сөздү түшүнбөй, ар кандай сөздү түз маанисинде кабыл алат. Кайсы бир кышта эптеп согум таап союшат. Кыш чыгып, согум түгөнө баштайт. Бир жилик эт калат. Кыш тууган жалгыз эчкисинин сүтүн саап ичишип оокат кыла беришет.

Кыз бир күнү: "Эне этти салып жебейлиби?" – дейт. Анда энеси "узун сары" келгенде салып жейли балам деп коет. Бир күнү энеси айылчылап алысыраак кетет. Бир маалда кыз сыртка чыгып, эки жакты карап турса, бир узун бойлуу сары киши келе жатат. Баягы энем айткан "узун сары" ушул киши турбайбы, - деп ойлоп, ал кишини чакырып үйгө киргизет. Этти салып берип коноктойт. Конок ыраазычылыгын билдирип, батасын берип кете берет.

Кеч курун энеси келет. Кызы алдынан тосуп, "узун сары" келгендигин, аны коноктогонун айтат. Анда энеси: кагыла-

йын, ырас кылыпсың. Меймандос болгон жакшы. Эл сыйлаган эшикке жатпайт, ат сыйлаган жөө баспайт. Бирок, кызым сөздү да сыйлай бил. Керектүү сөздү көкүрөгүңө түйүп, куйма кулак бол. Сөздүн маанисин туура түшүнүп, сөз келсе жүйөөсү менен айта бил. "Узун сары" деп жазгы үзүмчүлүк маалды атайт. Ал мезгил согум түгөнүп, мал төлдөй элек учур болот. Ошондуктан, ууз чыкканга чейинки мезгил өтө эле узарып кеткендей сезилгендиктен, эл ал учурду "узун сары" деп атайт. Балам, ушундай сөздөрдү көкүрөгүңө түйө жүр дейт энеси.

Ошондон баштап, кыз сөздүн кадырына жетип, өзү тетик, ойлогону жетик акылдуу кыз болуп өсүптүр. Кийин-кийин акылы менен бир айыл элди эчен азаптан куткарып, Акылкарачач деген лакап атка конгон дешет. Мүмкүн баягы узун сары кишинин батасы тийгендир, ал да тегин киши эместир.

## ЭР АЗЫГЫ – ЭЛДЕН

(Уламыш)

Илгери-илгери бир хан жашаптыр. Хандын үч уулу бар экен. Үчөө бирдей баатыр чыгып, эли-жерин капилет келген жоодон сактачу экен. Хан чечендиги, даанышмандыгы менен элин кара ниет доодон сактачу экен. Хан жана балдары адилеттиги, ак ниеттиги, кара кылды как жарган калыстыгы менен даңкы далайга кетиптир. Өрүшүнө малы толуптур, эли бакубат турмушта болуптур. Хандын карылыгы жетип, алыска бара албай буту-колу шалдырап, эки көзү жалдырап калган кезде балдарын чакырып керээзин айтат:

– Балдарым, мен карыдым, арыдым. Бийликти эми өзүңөр жүргүзгүлө. Ынтымактуу, биримдиктүү болгула. Ынтымакта болсоңор ырыс өзү эле келет. Эч качан бөлүнбөгүлө, элди бөлбөгүлө. Жерди сактагыла. Бириң хан болуп элди башкар, кал-

ган экөөң анын тилин уккула. Жыйнаган азын-оолак мүлкүмдү туптуура төрткө бөлүп койдум. Ушуну чырлашпай, наарazы болбой бөлүп алгыла! – дейт.

– Ата, биз үчөө элебиз да, ал эми төртүнчүсү кимге? – деп сурашат уулдары.

– Ал жолоочунун ырыскысы балдарым, - дейт атасы.

Атасы каза болгондон кийин, балдары аны аруу жууп, зыйнатына туруп түбөлүк жайына беришет. Атасынын керээзи боюнча калтырган мүлкүнүн төртүнчү бөлүгүн эмне кылууну ойлонушат, акыры аны дагы тепетең үчкө бөлүшөт. Ар кимиси өз үлүшүн алат, бирок аны атасы айткандай жолоочу, мейман үчүн гана пайдаланууну чечишет. Келген мейманга ар дайым дасторкондору жайылуу болот. Мына ошондон тартып кыргыз элинде меймандостук деген салт болуп, “Эр азыгы – элден” деген накыл кеп бүтүндөй элге тараптыр.

## УЛАН МЕНЕН САНТАШ

(жомок)

Илгери өткөн заманда аскасы асман тиреген тоо арасындагы бир кичинекей айылда ай десе аркы, күн десе көркү жок Канышай аттуу сулуу кыз жашаган экен. Ал сулуу гана эмес акылы тунук, ата-энесине жароокер, жан-жаныбарларга боорукер жан болуптур. Көргөн адамдын көз жоосун алып Канышай солкулдап бойго жеткенде ага Жети-Өгүздүн Сыртында жашаган Санташ менен Боом капчыгайынын этегинде жашаган Улан аттуу эки жигит ашык болуп калат. Алар Канышайга жагуунун аракетин кыла башташат. Жаа тартышса да, балбан күрөшкө түшүшсө да, эңишсе да алар эч кимден жеңилбейт. Жигиттердин эр жүрөктүүлүгү, кайраттуулугу, баатыр-

дыгы, жалтанбастыгы, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүп турган элпектиги, жан-жаныбар түгүл чөп-чарга да зыян келтирбеген боорукердиги, чынчылдыгы, адилеттиги, калыстыгы, айтор бардык касиеттери Канышайга жагат. Бирок, кимисин тандаарын билбей башы катат.

Ошондо Канышайдын башына бир кызыктуу оюн келет. Ал устага кооз такта жасатып, эки жагына тогуздан уя, ортосуна эки чара ойдуруп, жигиттердин ар бирине сексен бирден коргоол берет. Бул оюнду "Тогуз коргоол" деп атайт. Өтө акылдуулук менен өзү чыгарган эрежени эки жигитке түшүндүрөт. Бул оюнда кимиси жеңсе, ошонусуна түбөлүк жар болууга убадасын берет. Эки бозой такта бетинде нечен күн, нечен түн таймашат.

Ошол мезгилде Канышайдын сулуулугун, акылдуулугун, аны алмакка эки бозойдун таймашып жатканын уккан хан кызга жуучу жиберет. Кыз хандын жуучусуна маакул болбойт. Бирок, хан кызды күч менен алмак болот. Ханды каалабаган кыз аскадан боюн таштайт. Ал кулап түшкөн жерден оргуштап күмүштөй булак атырылып чыгат.

Тогуз коргоол ойноп, бирин-бири жеңе албай жаткан жигиттер аскага чыга качышат. Бирок, тагдырдын күтүлбөгөн бул тамашасына чыдабай алар да өз бойлорун көлгө таштышат. Алар суунун бетине тиери менен эле шамалга айланышат. Күйүткө чыдабай ызылдап боздошот. Ошондон ушул күнгө чейин Улан менен Санташ шамалдары бири башталса экинчиси коштоп, капаланып Канышайды жоктоп, уңулдап улуп, Ысык-Көлдү мекендеп калган экен.

# АКЫЛДУУ БАЛА

(уламыш)

Бир карыя келе жатса козу кайтарып жүргөн кичинекей бала жолугат.

– Балам кайсы айылдансың, кимдин баласысың, бул кимдин малы? – деп сурайт карыя.

– Өзүм сырты бүтүн, ичи түтүн айылданмын, тууган энемдин өгөй баласымын, баккан малым жоонуку, - дейт бала.

– Жообуңа түшүнбөдүм, уулум. Жакшылап айтчы, - дейт карыя.

– Айлымдын сырты бүтүн, ичи түтүн дегеним, биздин айылдагылар сырт көзгө ынтымактуу болуп көрүнгөнү менен ич ара түтүндөй быкшып, өз ара кырды-бычак болуп жашайт.



Тууган энемдин өгөй баласымын дегеним, энем мени төрөгөнү менен өгөйдүн ишин кылып, балалыктын кызыгын мага көрсөтө элек. Ал эми бул жоонун малы дегеним, энем тың чыгып атамды өз төркүндөрүнө жетелеп келген экен. Таекелерим аны кулча жумшап, эмгегин жеп жүрүшөт. Алар менен теңата болуп сүйлөшө албайт. Жада калса “күйөө карыса жээн болот” деп күйөө баланы сыйлаган эзелтеден берки ата-бабанын салтын да эстен чыгарышкан. Анан бул мал жоонуку болбогондо меники болмок беле, - дептир бала.

Карыя баланын тирикарактыгына ыраазы болуп, ак батасын берген экен.

# ЫНТЫМАК

(аңгеме)

Тоо булактарынан, мөңгүдөн куралып, таштан-ташка урунa шар аккан мөлтүр кашка суунун боюнда, тоо этектей чакан айыл жайгашкан. Айылда кыргыз, казак, өзбек, орус, татар, немис, дунган, уйгур, чечен сыяктуу көптөгөн улуттардын өкүлдөрү жашайт. Алар кандай себептер менен бул айылды мекендеп калышканын эч ким деле териштирген эмес. Айтор жаштарынан сурасаң, чоң аталарыбыз ушул айылды түптөшкөн экен деп айтып калышат.



Айыл эли абдан ынтымактуу. Жамандык-жакшылыкта бирин бири колдоп, бир бирине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуусун салтка айландырып алышкан. Бирөөсүнүн үйүндө той болсо кыргыз комузун, казак домбрасын, орус баянын, өзбек дутарын, дунган михузысын айтор ар кимиси өздөрүнүн улуттук музыкалык аспаптарын ойноп, тойду ыр-чоор менен коштоп, шатыра-шатман түшүп кирип барышат, кубанычына тең орток болушат. Ал үйдү өзүнчө эле филармонияга айландырып жиберишет. Алар кыргыз жергесинде, кыргыз элинин арасында турушса да, ар кимиси өзүнүн салт-санаасын бекем кармайт. Бири биринин салтын сыйлоого, жакшы жактарын үйрөнүүгө аракеттенишет. Бирок эч кимиси өз салтын башкаларга таңуулабайт. Өздөрүнүн улуттук кийимдерин кийишет. Бардыгы үйлөрүндө өз тилинде сүйлөп, орток тил катары кыргыз тилин пайдаланышат.

Мына ушинтип алар абдан ынтымактуу турушкандыктан, бул айылдын атын – ЫНТЫМАК деп атап алышкан.

# ИШЕНИМ

(аңгеме)

Аскаттын кичинекейинен эле бут кийимин алмаштырып кийип алмай адаты бар эле. Оң бутунукун сол бутуна, сол бутунукун оң бутуна кийип алчу. Ошондо эки бутунун баштары эки жакты карап калганы кызык көрүнчү. Ал быйыл мектепке бара баштады. Ошондо деле бут кийимин алмаштырып кийгенин таштаган жок.

– Бут кийимиңди туура кийип жүрсөң боло!? – деди бир күнү апасы.

– Тескери кийсе эмне болмок эле?! – деди Аскат.

– Жолуң болбой калат, - деди апасы.

Аскат ойлонуп калды. Бирок аны бат эле унутуп койду.

Бир күнү бут кийимин дагы тескери кийип мектепке жөнөдү. Эки-үч үй өткөндөн кийин эле дарбазадан чынжырын сүйрөгөн ит чыга калды. Аскат коркуп кетип, бакырган боюнча артын карай качып жөнөдү. Ит кубалап келатты. Бат эле өзүнүн үйүнө жетип, эшик алдындагы арыктан секирем деп, жаза басып жыгылып кетти. Баланын кыйкырыгын, иттин үнүн уккан апасы үйдөн чыга калды. Чоң кишини көргөн ит кайра качып жөнөдү.

– Апа, күнөө итте эмес, менде, - деди Аскат туфлийин кармалап.

– Эмнеге?

– Анткени бут кийимимди дагы тескери кийип алыптырмын. Жолум болбой калбадыбы!? – деди Аскат.

# ЭСТЕЛИК

(аңгеме)

Бир күнү атам экөөбүз шаарга бардык. Эмен паркын, Эркиндик сейил багын араладык. Гүлзарлардын көп жеринде таш адамдар бар экен.

– Бул адамдар эмнеге таш болуп калышкан? – деп сурадым мен атамдан.

– Булар чоң адамдардын эстеликтери, - деди атам.



– Сиздин дагы эстелигиңиз барбы?

– Менин эстелигим жок, - деди атам күлүп.

– Эмне үчүн?

– Чоң адамдар дегеним, эли үчүн чоң эмгектерди жасаган адамдар. Андай адамдарды эл урматтап залкар, белгилүү, чыгаан, атактуу, чоң адамдар деп коюшат. Анан алар кийин каза болгондо эли унутпай, эскерип жүрсүн үчүн ушундай эл көп баскан жерлерге эстелик коюшат, - деп түшүндүрдү атам.

Ошондон кийин мен дагы эл үчүн чо-оң эмгек жасаганды тилек кылчу болдум.

## САЛАМДАШУУ

**Алып баруучу**: Балдар, кыргыз эли байыртадан адеп-ахлакка байланышкан каада-салтты аздектеген эл. Ыйман-ызаатты, нарк насилди кандай сактап келатканын бардык нерседен байкайбыз. Ыймансыз, адепсиз, көргөн-өскөнү жаман деген сөздөрдүн чыгышы да бекеринен эмес. Каада-салттын эң маанилүүлөрүнүн бири – саламдашуу. Кана, балдар саламдашуунун кандай түрлөрүн билесиңер?

**1-бала**: Привет!

**Алып баруучу**: Кандай дейсиңер балдар! Туура айттыбы?

**2-бала**: Привет орусча да!?

**Алып баруучу**: Ооба, орусча. Ал деле учурашканды билдирет. Бирок, орус тилинде "здравствуйте!" деген сыпайы саламдашуу бар. Ар нерсе өз орду, өз жайы менен болгону жакшы. Кыргыздар кандай учурашат?

**3-кыз**: Кыргыздар "ассалоомалейкум!" деп учурашат.

**Алып баруучу**: Бул туура. Бирок, бул негизинен эркектердин саламдашуусу.

**4-кыз**: Саламатсызбы!? – деп учурашабыз.

**Алып баруучу**: Бул бардыгына тиешелүү сөз. Дагы кандай түрлөрүн билесиңер?

**5-кыз**: Жакшысызбы? Арбаңыз?

**Алып баруучу**: Буларды колдонгондор да бар. Эми, саламды ким биринчи айтыш керек? Ошону тактап көрөлү да.

**1-бала**: Кичүү – улууга.

**2-бала**: Жогортон келаткан адам – төмөнтөн келаткан адамга.

Атчан адам – жөө адамга. Эркек киши – аялга.

**5-бала**: Өтүп бараткан адам – отурган адамга.

**6-бала**: Аз киши – көп кишиге.

**7-бала**: Эшиктен кирген адам – улуу болсо да, үйдө отурган кишилерге.

**Алып баруучу**: Азамат турбайсыңарбы! Саламдашуунун дагы кандай эрежелерин билесиңер?

**1-кыз**: Улуу киши өзү биринчи кол сунмайынча жаш адам колун сунбашы керек.

**2-кыз**: Кыз-келиндер да өздөрү кол сунмайынча, эркектердин аларга кол бериши туура эмес. Бирок, саламды озунуп эркек адам айтышы керек.

**3-бала**: Жөө келаткан адам сакалдуу, же кадырлуу адам болсо, атчан адам атынан түшүп учурашуусу – адептүүлүк. Машиначан адам дагы ушул эрежени тутушу керек.

**Алып баруучу**: Ал эми, тамак ичип жаткан адамдардын үстүнө киргендечи?

**1-бала**: Сырттан кирген адам салам айтат, бирок кыдырата кол бериш зарылчылык эмес. Биринчиден абал оңтойсуз, экинчиден тазалык үчүн.

**Алып баруучу**: Мээлейчен учурашууга болобу?

**1-кыз**: Учурашууга болот. Бирок, кыз-келиндерге гана тиешелүү. Эркектер албетте, мээлейин чечип саламдашат. Ал эми кыз-келиндер үчүн мээлейди чечүү анчалык деле зарылдык эмес.

**Алып баруучу**: Азамат экенсиңер! Саламдашуу эрежесин жакшы билет турбайсыңарбы!? Эмесе, келерки жолугушууга чейин саламатта болгула.

# МАНАС САБАГЫ

(Тарбиячынын баяндамасы)



"Манас" – кыргыз элинин миң жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан байыркы элдик чыгармасы, ата-бабалардан калган улуу мурасы. Ал эпос деп аталат. "Манас" эпосунда кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый тагдыры, көз карандылыктан кутулуу үчүн душмандарга жүргүзгөн баатырдык күрөшү баяндалат. Манас жана анын чоролору, уулу Семетей, небереси Сейтек эли-журту, Ата-Мекени, кыргыз элинин боштондугу үчүн күрөшкөн баатырлар. Манас төрөлгөнгө чейин кыргыз элин Ногой деген хан башкарып турат. Ногойдун Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген 4 уулу болот. Ногой өлгөндөн кийин кытай ханы Алооке кыргызды чаап, талап-тоноп, биримдикте болбосун үчүн Ногойдун 4 уулун 4 жакка айдайт. Эң кичүүсү Жакып Алтайга айдалып барып туруп калат. Анын жылкысы эле миңден ашып байыйт. Көп жылдан кийин гана балалуу болот. Атын Манас коюшат. Манас боюнда бар мезгилде энеси Чыйырды жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Манастын болочоктогу мине турган аты Аккула да аны менен бир күндө туулат. Манас адаттагыдан сырткары алп төрөлөт. Ыйлаганда үнү отуздагы кишиникиндей чыгат. Жаңы төрөлгөн Манасты оозантканда ал карын-карын майды жеп коет. Манас бала кезинен эле шок, тың чыгат. Жакып аны бышсын деп Ошпур деген койчусуна жардамчы кылып кой кайтартат. Көз тийбесин деп атын элге Манас дебей Чоң жинди деп айтат.

Манас козу кайтарып жүргөндө Жакыптын жылкысына тийген калмактын баатырларын талкалап, экинчи келгис кылып кубалайт. Балдардан кол курайт, балдар аны хан шайлап алышат. Манас он төрткө чыкканда Алтайда жашаган кыргыздар чогулуп, кытай, калмактардан коргонуу жөнүндө кеңеш курушат. Алар балдардын чечимин туура табышып, Манасты хан шайлап алышат. Андан соң бала баатыр Манас кол курап, Алтайдагы кыргыздарды баш коштуруп, Ала-Тоого көчүрүп келет. Чачылган элди чогултат. Акылман Кошой карыя кеңешчиси болот. Элди адилет башкарып, жоодон коргоп турат.

Ала-Тоого келгенден кийин Манас элдин тынч турмушун камсыз кылыш үчүн эзелки жоосу кытайдын Алооке деген канынын алтымыш уулунун кенжеси Коңурбайга каршы согушка даярдык көрөт.Аталаш агасы Байдын уулу Бакай акылман, баатыр адам болгондуктан, ал ар дайым жолдошу, кеңешчиси болуп жанында жүрөт. Манас тажик ханынын кызы Каныкейге үйлөнөт. Кырк чоро күтөт. Ар бир чоросу өз алдынча эл башкарган баатырлар болгон.

Манас акыры баатырдыгы, уюштургучтугу, кеменгер жол башчылыгы менен Коңурбайды багындырат. Манас алты ай Бээжинди сурап хан болуп турат. Бирок, айлакер, митайым Коңурбай тымызын күч жыйнап, айла-амал менен Манасты оор жарадар кылат. Бардык чоролорунан, Аккуласынан ажырап, Манас Таласка келет да көп узабай дүйнөдөн кайтат.

Манастын ишин анын уулу Семетей улап, душмандарын түгөл багынтат. Мына, эң кыскача "Манастын" мазмуну ушундай. Бирок, анда кызыктуу окуялар өтө эле көп. Бул эпоско мазмуну боюнча да, көлөмү боюнча да дүйнөдөгү бир да чыгарма тең келе албайт. Анда Алтай, Батыш Кытай, Күнчыгыш Түркстан, Түштүк Азияны камтыган кеңири аймакта бир нече кылымда болгон окуялар баяндалат. Анын көлөмү гректердин атактуу "Илиада" деген чыгармасынан 40 эсе, ирандык-

тардын "Шах-Намесинен" 4 эсе чоң. Жалпы көлөмү миллиондон ашык сап ырды камтыйт.

Эпосто кыргыз элинин турмушунун бардык тарабы: салт-санаасы, үрп-адаты, кулк-мүнөзү, оюндары, кийим-кечеси, турмуш-тиричилиги, ал-абалы, башка элдер менен байланышы ж.б. бардыгы кеңири чагылдырылат. Манас өзүнүн баатырдыгы жана адилеттүүлүгү менен кыргыз элинин сүймөнчүлүгүнө татыган. Манасты азыр туу тутуп, арбагына таазим кылып турабыз. Жогоруда айтылгандай Манас атабыз жөнүндөгү эпос – кыргыз элинин тарыхы.

1995-жылы биз "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын өткөрдүк. Бул Манас төрөлгөнгө миң жыл болду деген сөз эмес, Манас жөнүндө эпостун жаралганына миң жыл толду деген сөз. Мына ушуну туура түшүнгүлө балдар.

"Манас" эпосун айтууну алгач Жайсаң деген ырчы, Манастын кырк чоросунун бири Ырамандын Ырчыуулу баштаган деп божомолдонот. Андан кийин далай манасчылар өткөн. Алардан бизге белгилүү болгондору: Келдибек, Тыныбек, Дуңкана, Балык, Чоюке, Шапак, Сейдене ж.б. Алар абдан чоң манасчылар болгон дешет. Ал эми Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун айткан "Манастарын" биз азыркы кезде китептен окуп жатабыз. Алар кийинки мезгилдеги эң залкар манасчылар. Ал эми азыркы мезгилде манасчы Уркаш Мамбеталиев атаңарды баарыңар эле билсеңер керек. Кытайда болсо Жусуп Мамай деген чоң манасчы жашайт. Андан башка да жаңыдан чыгып келаткан манасчылар бар.

"Манас" эпосун кара сөзгө айландырып Ашым Жакыпбеков менен Кеңеш Жусупов агайыңар жазып чыгышкан. Кеңеш Жусупов агайыңардын жазганы силерге ылайыкталган.

# АЙКӨЛ МАНАС КИМ БОЛГОН?

(сценка-сабак)

**Тарбиячы**: Мына балдар, силер Манас жана "Манас" эпосу жөнүндө кыскача баяндама уктуңар. Эми сабакты чогуу уланталы. Манас, анын чоролору, жоо-жарагы, кийим-кечеси, минген аты ж.б. жөнүндө эмне билесиңер?

**1-бала**: Манастын келбетин сүрөттөйт:
Болжолуна караса,
Болот өткүс кара таш.
Күрсү тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш.
Аз кийгеним дегени,
Атан төөлүк жүгү бар.
Адам уулу тик бакпас,
Ажыдаар түрү бар.



**2-бала**: Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Ал муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Муруну тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткундай.

**3-окуучу:** Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.

**4-бала:** Кайратын көрсөң кара тоо,
Катылган пенде калбайт соо.
Айбатын көрсөң – Ала-Тоо,
Асылган калбайт аман-соо.

**5-бала:** Аккула деген аты бар,
Айбандан бөлөк заты бар.
Чаткы аягы чаткалдай,
Жүрүп берсе чатына,
Жүктүү төө баткандай.

**6-бала:** Ачалбарс деген кылычын,
Тоого чапса таш кескен.
Бойго чапса баш кескен.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.

**7-бала:** Айкөл Манас дүрбүсү,
Алты айчылык алысты,
Аркан бою көрсөткөн.

**8-бала:** Арстан Манас сыйлаган,
Айкөл Бакай бабабыз.
Астыга салса ак жолтой,
Аркасы бийик сан колдой.
Караңгыда көз тапкан,
Капилет жерден сөз тапкан.

**9-бала:** Кабылан жеңең Каныкей,
Зайып заттын пашасы.
Кең көйнөктүн тазасы.
Кара сурдун сулуусу,
Адамзаттын нурдуусу.
Ургаачынын узу эле,
Темиркандын кызы эле.

Береги Манас көкжалдын,
Чачылганын жыйнаган,
Үзүлгөнүн улаган.

**Тарбиячы:** Балдар силер Манасты жакшы билет турбайсыңарбы! Силер мурда "Манасты" кимден уктуңар эле.

**Үндөр:** Чоң атамдан, байкемден, телевизордон.

**Тарбиячы:** Эми силер төмөнкү суроолорго жооп берип көргүлөчү.

**Суроо:** Манастын атасынын аты ким?

**Жооп:** Жакып.

**Суроо:** Энесинин аты ким?

**Жооп:** Чыйырды.

**Суроо:** Анын чыныгы аты ким?

**Жооп:** Шахан.

**Суроо:** Манастын кеңешчилери кимдер болгон?

**Жооп:** Кошой, Бакай.

**Суроо:** Сарала деген кимдин тулпары?

**Жооп:** Алмамбет баатырдын.

**Суроо:** Алмамбет Манастын эмнеси?

**Жооп**: Чоросу, досу.

**Суроо:** Манастын кандай куралдарын билесиңер?

**Жооп:** Аккелте, Ачалбарс, Наркескен.

**Суроо**: Манастын кандай кийимдерин билесиңер:

**Жооп:** Аколпок, Кандагай?

**Суроо:** Сейтек деген ким?

**Жооп:** Манастын небереси.

**Суроо:** Манастын кырк чоросунун аттарын билесиңерби?

**Жооп:** Алмамбет, Чубак, Сыргак, Кыргылчал, Ажыбай, Ырчыуул, Тазбаймат ж.б.

**Суроо:** Кырк чоронун эң улуусу, башчысы ким болгон?

**Жооп:** Кыргылчал.

**Суроо:** Эң кичүүсү ким болгон?

**Жооп:** Тазбаймат.

**Суроо:** Чечени, котормочусу ким болгон?

**Жооп:** Ажыбай.

**Суроо:** Каныкейдин кыз кезиндеги аты ким болгон?

**Жооп:** Санирабига.

**Суроо**: Айчүрөк кимдин кызы?

**Жооп:** Огандын каны Акундун.

**Суроо**: Манастын төөсүн билесиңерби?

**Жооп:** Желмаян.

**Суроо:** Итинин атычы?

**Жооп:** Кумайык.

**Тарбиячы:** Азаматсыңар балдар. Силер Манас бабаңар жөнүндө жакшы билет экенсиңер. Дайыма ушундай дилгирлигиңерден жазбагыла, макулбу.

## БАКЧА МЕНЕН КОШТОШУУ

**1-бала:**

Төрт дөңгөлөк машинем,
Сени далай ойнодум
Кетип жатам мектепке,
Мага капа болбогун.

**2-бала:**

Кош бол менин куурчагым,
Мага такыр таарынба.

Бөбөктөр келип ойношот,
Эми мени сагынба.

**3-бала:** ош бол бакчам, жакшы кал,
Тарбия берип чоңойткон.
Адептүүлүккө үйрөтүп,
Таанытып тамга торолткон.
Уят кылбай биз сени,
Бек болобуз болоттон.

**4-бала:** Эжелерге ырахмат,
Ашканада иштеген.
Бала болбос бакчада,
Силерден аш ичпеген.

**5-бала:** Сиздерге чоң ырахмат,
Медсестра эжелер.
Бизге күндө көз салып,
Карап турчу элеңер.


**6-бала:** Тарбия берген эжелер,
Апама окшош элеңер.
Кетебиз эми ыраактап,
Силерге миң бир ыракмат.
Ардактуу асыл эжелер,
Унутат бизди дебеңер.

**7-бала:** Няня эжекем,
Эстээрмин сизди мен эчен.
Ашыкча болбойт деп ойлойм,
Апама сизди теңесем.

**8-бала:** Кош болуңуз башчыбыз,
Биз болобуз жакшы кыз.
Жакшы бала болобуз,
Бул биздин берген антыбыз.

# ЖАШЫРЫЛГАН СӨЗДҮ ТАП

А А А А Б Б К Л Ч
Т М Е П Е К



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| М | Е | К | Т | Е | П |

Тамгаларды чие жолдор аркылуу орду-ордуна койсоңор жашырылган сөздү табасыңар.

# МАЗМУНУ


Баш сөз ... 3
Тамгаларды үйрөн ... 10
Кыргыз алфавитиндеги тамгалар ... 28
Сөз оюндар ... 29
Курап оку ... 29
Акроыр ... 30
Амал менен окусаң, жыл мезгилин табасың ... 31
Полиндром сөз ... 32
Шарада ... 33
Метаграмма ... 34
Логогриф ... 36
Анаграмма ... 37
Сөздүк ырлар ... 38
Бул кайсы ООлор ... 38
Сандар санаты ... 39
Биз канчабыз? ... 40
Канчасы анар? ... 40
Чачымдын саны канча? ... 40
Өзүңдү үйрөн ... 41
Адамдын он эки мүчөсү ... 41
Беш манжанын аталышы ... 42
Төрт түлүк малдын аталышы ... 42
Кыргызча күн аттары ... 43
Кыргызча ай аттары ... 44
Жыл мезгилдери ... 44
Кыргызча жыл аттары ... 45
Төрт тарабыңдын аталышы ... 46
Жети атанын аталышы ... 46
Кийинки муундардын аталышы ... 46
Үй-бүлө, тууган-туушкандыкты билдирген сөздөр ... 47

140с



**КАДЫРОВ Ысмайыл** – 1951-жылы Атбашы районундагы Жаңы-Күч айылында төрөлгөн. 1977-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин механика-математика факультетин бүт-көн. 1977–2000-жылдары Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында (азыр Мамлекеттик тил жана энцик-лопедия борбору) илимий редактор, улук илимий редактор, жетектөөчү редактор болуп иштеген. 2000-жылдан КР Өкмөтүнүн Аппаратында референт, эксперт, 2004-жылдан сектор башчысы болуп эмгектенет. Балдар үчүн 1998-ж. «Түстөн чыккан түркүн сөз», 2002-ж. «Чымчым аңгемелер, чырылдаган ойлор», 2008-ж. "Кыргыздын Гиннесс китеби", "Сандар санаты" деген китептери жарык көргөн. Балдар үчүн жазылган «Өспүрүмдөр оюндары», «Физкультура жана спорт», «Бул ким. Ал эмне», "Математика" ж.б. энциклопедиялык китептердин авторлорунун бири.

КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы балдар адабияты сыйлыгынын лауреаты, "Түгөлбай Ата" коомунун сыйлыгынын лауреаты, КР Билим берүү отличниги, КР Кесиптик-техникалык билим берүү отличниги.

Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.